# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 7

## *"Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү"*

## Максаты

1 Ушул ФОЭСтин максаты ишканаларга карата алардын көрсөткөн финансылык отчеттуулугундагы маалыматтарда пайдалануучуларга төмөндөгүлөрдү баалоого мүмкүнчүлүк берген талаптарды белгилөө болуп саналат:

(a) финансылык инструменттердин ишкананын финансылык абалына жана ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугуна таасири канчалык олуттуу болуп саналат; жана

(b) финансылык инструменттерге байланыштуу мезгил ичинде жана отчеттук мезгилдин акырына карата ишкана туш келчү тобокелдиктердин мүнөзү жана өлчөмү, ошондой эле ишкана кандай жолдор менен ошол тобокелдиктерди башкарат.

2 Ушул ФОЭСте баяндалган принциптер *"Финансылык инструменттер: маалыматты берүү"* ФОЭС (IAS) 32де жана *"Финансылык инструменттер"* ФОЭС (IFRS) 9да белгиленген финансылык активдерди, финансылык милдеттенмелерди таануунун, баалоонун жана көрсөтүүнүн принциптерин толуктайт.

## Колдонуу чөйрөсү

3 Ушул ФОЭС, төмөндөгүлөрдү кошпогондо, бардык ишканалар тарабынан финансылык инструменттердин бардык типтерине карата колдонулууга тийиш:

(a) *"Бириктирилген финансылык отчеттуулук*" ФОЭС (IFRS) 10, *"Өзүнчө финансылык отчеттуулук"* ФОЭС (IAS) 27 же *"Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар"* ФОЭС (IAS) 28 стандарттарына ылайык эске алынчу туунду ишканаларга, ассоциацияланган же биргелешкен ишканаларга катышуу үлүштөрү. Бирок, айрым учурларда ФОЭС (IFRS) 10, ФОЭС (IAS) 27 же ФОЭС (IAS) 28 ишканадан ФОЭС (IFRS) 9га ылайык туунду ишканаларга, ассоциацияланган же биргелешкен ишканаларга салымдарын чагылдырууну талап кылат же уруксат берет; мындай учурларда ишкана ушул ФОЭСтин талаптарын, адилет нарк боюнча бааланагандар үчүн *“Адилет наркты баалоо”* ФОЭС (IFRS) 13түн талаптарын колдонууга тийиш. ФОЭС (IAS) 32де берилген үлүштүк инструменттин аныктамасына ылайык келген учурларды кошпогондо, ишканалар ушул ФОЭС (IFRS) 7ни ошондой эле туунду ишканаларга, ассоциацияланган же биргелешкен ишканаларга салымдарына байланган бардык туунду инструменттерге карата колдонууга милдеттүү;

(b) *Кызматкерлердин сыйакылары"* ФОЭС (IAS) 19 колдонулган кызматкерлердин сыйакылар программалары боюнча иш берүүчүлөрдүн укуктарын жана милдеттенмелерин;

(c) [алып салынды]

(d) *"Камсыздандыруу келишими"* ФОЭС (IFRS) 4тө аныкталгандай камсыздандыруу келишимдери. Бирок, ушул ФОЭС, эгерде ФОЭС (IFRS) 9 аларды өзүнчө чагылдырууну талап кылса, камсыздандыруу келишимдеринде камтылган туунду инструменттерге карата пайдаланылат. Мындан тышкары эмитент, эгерде ал аларды таануу жана баалоо үчүн ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын колдонсо, ушул ФОЭСти *финансылык кепилдик келишимдерине* карата колдонууга тийиш. Эгерде эмитент ФОЭС (IFRS) 4түн 4(d)-пунктуна ылайык финансылык кепилдик келишимдерин

чагылдырса, ал мындай келишимдерди таанууда жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 4түн талаптарын колдонот;

(e) *"Акцияларга негизделген төлөмдөр"* ФОЭС (IFRS) 2 колдонулган акциялардын наркына байланган төлөмдөрдүн операциялары боюнча келип чыккан финансылык инструменттер, келишимдер жана милдеттенмелер, бирок ушул ФОЭС ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге карата пайдаланылат;

(f) ФОЭС (IAS) 32нин 16А жана 16В-пункттарына же 16С жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууга тийиш болгон инструменттер.

4 Бул стандарт балансга таанылган финансылык инструменттерге, ошондой эле таанылбаган финансылык инструменттерге карата колдонулат. Балансга таанылган финансылык инструменттер ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди камтыйт. Балансга таанылбаган финансылык инструменттер ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирбегени менен, бирок ушул ФОЭСтин колдонуу чөйрөсүнө кирген айрым финансылык инструменттерди камтыйт.

5 ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген финансылык эмес инструменттерди сатып алуу же сатуу келишимдерине карата ушул ФОЭС колдонулат.

5А 35А – 35N-пункттарындагы кредиттик тобокелдик тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү талаптары *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киереше»* ФОЭС (IFRS) 15те ФОЭС (IFRS) 9га ылайык нарктын түшүшүнөн пайдаларды же зыяндарды таануу максатында эсепке алуу үчүн деп көрсөтүлгөн укуктарга карата колдонулат. Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, бул пункттардагы финансылык активдерге же финансылык милдеттенмелерге ар кандай шилтеме бул укуктарды камтууга тийиш.

## Финансылык инструменттердин класстары жана маалыматты ачып көрсөтүүнүн деңгээли

6 Ушул ФОЭС финансылык инструменттердин класстары боюнча маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылган учурда, ишкана финансылык инструменттерди ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматтын мүнөзүнө жана бул финансылык инструменттердин мүнөздөмөлөрүн эске алган категориялар боюнча топтоштурууга тийиш. Ишкана аларды финансылык абал жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн беренелерге салыштыргыдай кылып, жетиштүү маалыматтарды берүүгө тийиш.

## Финансылык инструменттердин финансылык абалга жана ишмердүүлүктүн натыйжалуулугуна олуттуулугу

**7 Ишкана анын финансылык отчеттуулугун пайдалануучуларга финансылык абалга жана ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугуна финансылык инструменттердин таасири канчалык олуттуу экендигин баалоого мүмкүнчүлүк бергидей маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

### Финансылык абал жөнүндө отчет

#### Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин категориялары

8 ФОЭС (IFRS) 9да аныкталгандай, төмөндөгү категориялардын ар биринин балансттык наркы финансылык абал жөнүндө отчетто же финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүндө ачып көрсөтүлүүгө тийиш:

(a) адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер, анын өзгөрүүсү пайданын же зыяндын курамында чагылдырылат, ошол эле учурда (i) баштапкы тааныганда же

кийин ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.1-пунктуна ылайык бул категорияга классификацияланган активдер жана (ii) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык милдеттүү түрдө пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган активдер, өзүнчө көрсөтүлөт;

(b)–(d) [алып салынды]

(e) пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер, ошол эле учурда (i) баштапкы тааныганда же кийин ФОЭС (IFRS) 9 6.7.1-пунктуна ылайык бул категорияга классификацияланган милдеттенмелер жана (ii) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык соодага арналган деген аныктаманы канааттандырган милдеттенмелер өзүнчө көрсөтүлөт;

(f) амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер;

(g) амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер;

(h) башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер, томондогулорду өзүнчө көрсөтүү менен (i) ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдерди; жана (ii) ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык баштапкы тааныганда мына ушундай деп белгиленген үлүштүк инструменттерге инвестицияларды.

## Пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер

9 Эгерде ишкана финансылык активди (же финансылык активдердин тобун) пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча баалануучу катары аныктаса, ал башка учурда башка жыйынды киреше же амортизацияланган наркы аркылуу адилет наркы боюнча бааланган деп классификацияласа, анда ал төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) отчеттук мезгилдин акырына карата финансылык актив (же финансылык активдердин тобу) боюнча максималдуу *кредиттик тобокелдиктин* суммасын (36(а)-пунктун караныз)

(b) кредиттик тобокелдикке тийиштүү кайсы болбосун тийиштүү кредиттик туунду инструменттер же окшош инструменттер кредиттик тобокелдиктин максималдуу суммасын азайткан сумманы (36(b)-пунктун караңыз);

(c) финансылык актив боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшү менен шартталган финансылык активдин (же финансылык активдердин тобунун) адилет наркынын өзгөрүшүнүн суммасын (мезгил аралыгында жана улам өскөн жыйынтыгы менен), ал төмөндөгүдөй аныкталат:

(i) рынок шарттарынын өзгөрүшүнө тийиштүү болбогон активдин адилет наркынын өзгөрүшүнүн суммасы катары, ал *рыноктук тобокелдиктин* пайда болушуна алып келет; же

(ii) ишкананын пикири боюнча альтернативдүү методду пайдалануу, ал боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнө байланыштуу активдин адилет наркынын өзгөрүшүнүн суммасын туура көрсөтөт.

Рыноктук тобокелдикке алып келген рыноктук шарттардын өзгөрүүлөрү байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставкаларын, товарга бааларды, валютанын алмашуу курсун, же баалардын же ставкаларынын индексинин өзгөрүүлөрүн камтыйт;

(d) финансылык активди классификациялаган учурдан тартып мезгил ичинде жана улам өскөн жыйынтыгында кредиттик тобокелдикке тийиштүү кайсы болбосун тийиштүү

туунду инструменттердин же ага окшош инструменттердин адилет наркынын өзгөрүшүнүн суммасын.

10 Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 4.2.2-пунктуна ылайык финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары аныктаса, бул милдеттенменин кредиттик тобокелдигинин өзгөрүүлөрүнүн таасирин башка жыйынды кирешенин курамында (ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.7-пунктун караңыз) көрсөтүүгө тийиш болсо, анда ал төмөнкү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) бул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшү менен шартталган финансылык милдеттенменин адилет наркынын өсүүчү жыйынтыгы менен өзгөргөн суммасын (бул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнүн таасирин аныктоо боюнча колдонмону алуу үчүн (ФОЭС (IFRS) 9дун B5.7.13 - B5.7.20-пункттарын караңыз).

(b) финансылык милдеттенменин баланстык наркы менен ишкана кредиторго келишим боюнча милдеттенмени төлөө күнүнө карата төлөнүүгө тийиш болгон сумманын ортосундагы айырманы.

(c) мезгил ичинде капиталдын курамында топтолгон пайданы же зыянды кандай болбосун которууларды, мындай которуунун себептерин кошуп.

(d) эгерде мезгил ичинде милдеттенмени таануу токтотулса, милдеттенмени таануу токтотулганда ишке ашырылган башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүлгөн сумманы (андай бар болсо).

10A Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 4.2.2-пунктуна ылайык финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары классификацияласа, жана бул милдеттенменин (бул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнө таасирин кошо) адилет наркынын бардык өзгөрүүлөрүн пайданын же зыяндын курамында (ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.7 жана 5.7.8-пункттарын караңыз) көрсөтүүгө тийиш болсо, анда ал төмөндөгү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) бул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнүн таасири менен шартталган (бул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнүн таасирин аныктоо боюнча колдонмо алуу үчүн ФОЭС (IFRS) 9дун B5.7.13 - B5.7.20-пункттарын караңыз) мезгил ичинде жана өсүүчү жыйынтыгы менен финансылык милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүү суммасы; жана

(b) финансылык милдеттенменин баланстык наркы менен келишим боюнча милдеттенмелерди төлөө күнүнө карата ишкана кредиторго төлөп берүүгө милдеттуу болгондогу сумманын ортосундагы айырманы.

11 Ишкана ошондой эле төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ФОЭС (IFRS) 9дун 9(c), 10(a) жана 10A(a) жана 5.7.7(a)-пункттарынын талаптарын аткаруу үчүн пайдаланылган методдордун кеңири сыпатталышын, пайдаланылган методдун алгылыктуулугун негиздөөнү кошуп.

(b) эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 9(c), 10(a) жана 10A(a) же 5.7.7(a)-пункттарына ылайык көрсөтүлгөн финансылык абалы жөнүндө отчетто же финансылык отчеттуулукка эскертүүлөрүндө маалыматты ачып көрсөтүү кредиттик тобокелдигинин өзгөрүшү менен шартталган финансылык активдин же финансылык милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүшүн туура көрсөтүүнү камсыз кылбайт деп эсептесе, ишкана мындай корутунду чыгаруунун себептерин жана ишкананын пикири боюнча бул жагдайда жөндүү болуп саналган тийиштүү факторлорду ачып көрсөтөт.

(c) башка жыйынды кирешенин курамындагы милдеттенме боюнча (ФОЭС (IFRSтин 5.7.7 жана 5.7.8-пункттарын караңыз) кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнүн таасирин көрсөтүү пайданын же зыяндын пайда болушуна же эсептик дал келбестиктин өсүшүнө алып келбестигин аныктоо үчүн пайдаланылган методологияны же методологияларды кеңири сыпаттоо. Эгерде ишкана милдеттенме боюнча пайданын же зыяндын курамында (ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.8-пунктун караңыз) кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшүнүн таасирин көрсөтүүгө милдеттүү болсо, анда маалыматты ачып көрсөтүү ФОЭС (IFRS) 9дун B5.7.6-пунктунда каралган экономикалык мамилелердин кеңири сыпаттоосун камтууга тийиш.

### Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган үлүштүк инструменттерге инвестициялар

11A Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык жол берилгендей, башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу тийиш үлүштүк инструменттерге инвестицияларды классификацияласа, ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) үлүштүк инструменттерге болгон кайсы инвестициялар башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануууга тийиш катары классификациялангандыгын.

(b) көрсөтүүнүн мындай альтернативаларын пайдалануунун себептерин.

(c) отчеттук мезгилдин акырына карата мындай ар бир инвестициянын адилет наркын.

(d) мезгил ичинде таанылган дивиденддер, аларды таануу отчеттук мезгил ичинде токтотулган инвестицияларга байланыштуу дивиденддерди өзүнчө чагылдыруу менен, отчеттук мезгилдин акырына карата кармап турган инвестициялардын дивиденддери.

(e) мезгил ичинде капиталдын курамында топтолгон пайданы же зыянды кандай болбосун которуу, мындай которуунун себептерин кошуп.

11B Эгерде ишкана алардын өзгөрүүлөрү отчеттук мезгилдин ичинде башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган үлүштүк инструменттерге инвестицияларды таанууну токтотсо, анда ал төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) инвестициялардын чыгып калуу себептери.

(b) таанууну токтоткон күнгө карата инвестициялардын адилет наркы.

(c) чыгып калуудан топтолгон пайда же зыян.

### Кайра классификациялоо

12–12A [Алып салынды]

12B Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 4.4.1-пунктуна ылайык учурдагы же мурдагы отчеттук мезгилдерде кайсы бир финансылык активдерди кайра классификацияласа, анда тийиштүү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Мындай ар бир учур үчүн ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) кайра классификациялоо күнүн.

(b) бизнес-моделдин өзгөрүшүнүн кеңири түшүндүрмөнү жана ишкананын финансылык отчеттуулугуна анын таасирин сапаттык сыпаттоону.

(c) ар бир категорияга же ар бир категориядан кайра классификацияланган сумманы.

© ФОЭС Фонду

12C Таанууну токтотконго чейин кайра классификациядан кийинки ар бир отчеттук мезгилге ишкана кайра классификацияланган активдер боюнча маалыматты ФОЭС (IFRS) 9дун 4.4.1-пунктуна ылайык амортизацияланган нарк боюнча баалангыдай ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) кайра классификациялоо күнүнө карата аныкталган натыйжалуу пайыздык ставканы; жана

(b) таанылган пайыздык кирешени.

12D Эгерде ишкана финансылык активдерди акыркы жылдык отчеттуулук күнүнөн кийин башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категориядан амортизацияланган нарк боюнча баалангыдай, же пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категориядан амортизацияланган нарк же башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча боюнча баалангыдай кайра классификацияласа анда төмөнкү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) финансылык активдердин отчеттук мезгилдин акырына карата адилет наркын; жана

(b) эгерде финансылык активдер кайра классификацияланбаса, отчеттук мезгил ичинде пайданын же зыяндын курамында тааныла турган адилет нарк боюнча кайра баалоодон түшкөн пайданы же зыянды.

13 [Алып салынды]

### Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү

13A 13B - 13E-пункттарында баяндалган маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптар бул ФОЭСте камтылган башка талаптарды толуктайт жана өз ара чегерүү ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык ишке ашырылган бардык таанылган финансылык инструменттер үчүн милдеттүү болуп эсептелет. Маалыматты ачып көрсөтүүгө карата бул талаптар ошондой эле өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуунун же окшош макулдашуунун камсыздалган укуктук коргоосунун аракетине туш келген таанылган финансылык инструменттерге карата, алардын өз ара чегерүүсү ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык жүргүзүлүп жатабы, ага карабастан колдонулат.

13B Ишкана финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына өз ара чегерүү жөнүндө макулдашуунун анын финансылык абалына таасирин же мүмкүн болчу таасирин баалоого мүмкүнчүлүк берген маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Бул 13A-пунктунун колдонуу чөйрөсүнө туш келген ишкананын таанылган финансылык активине жана таанылган финансылык милдеттенмелерине тийиштүү болгон чегерүү укугуна таасирин же мүмкүн болчу таасирин камтыйт.

13C 13B-пунктунда баяндалган максатка жетүү үчүн отчеттук мезгилдин акырына карата ишкана 13A-пункттун колдонуу чөйрөсүнө тийиштүү таанылган финансылык активи жана таанылган финансылык милдеттенмелери боюнча өзүнчө төмөндөгү сандык маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) мындай таанылган финансылык активдердин жана таанылган финансылык милдеттенмелердин дүң суммаларын;

(b) финансылык абал жөнүндө отчетто нетто-сумманы аныктоодо ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык өз ара чегерүү жасалган суммаларды;

(c) финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган нетто-суммаларды;

(d) айрым учурларда 13C(b)-пунктуна киргизилбеген өз ара чегерүү тууралуу укуктук коргоосуна камсыздалган башкы макулдашуунун же ошол өңдүү макулдашууга тийиштүү суммаларды, анын ичинде:

(i) ага карата ФОЭСтин (IAS) 32нин 42-пунктундагы өз ара чегерүүнүн айрым же бардык критерийлери аткарылбаган таанылган финансылык инструменттерге тийиштүү суммалар; жана

(ii) финансылык камсыздоого тийиштүү суммалар (акчалай камсыздоону кошо); ошондой эле

(e) жогоруда (c) пунктунда көрсөтүлгөн суммадан (d) пунктунда көрсөтүлгөн сумманы кемиткенден кийинки нетто-сумма.

Бул пунктта ачып көрсөтүү талап кылынган маалымат, берүүнүн бөлөк формасы кыйла максаттуу болгон учурларды кошпогондо, таблица формасында, финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер үчүн өзүнчө көрсөтүлүүгө тийиш.

13D 13C(d)-пунктуна ылайык инструмент боюнча ачып көрсөтүлчү жалпы сумма мындай инструмент үчүн 13C(c)-пунктундагы сумма менен чектелүүгө тийиш.

13E Ишкана өзү таанган финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге тийиштүү өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуунун коргоосуна же ошол өңдүү макулдашуунун камсыздалган укуктук аракетине туш келген чегерүүгө укуктары тууралуу сыпаттама маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш, алар тууралуу маалымат мындай укуктардын мүнөзүн кошуп, 13C(d)-пунктка ылайык ачып көрсөтүлөт.

13F Эгерде 13B - 13E-пункттарына ылайык ачып көрсөтүү талап кылынган маалымат финансылык отчеттуулугунун бир нече эскертүүлөрүндө көрсөтүлсө, ишкана мындай эскертүүлөргө кайчылаш шилтемелерди пайдалануга тийиш.

**Камсыздоо**

14 Ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ФОЭС (IFRS) 9дун 3.2.23(a)-пунктуна ылайык кайра классификацияланган суммаларды кошуп, милдеттенмелерин же шарттуу милдеттенмелерин камсыздоо катарында өткөрүп берген финансылык активдердин баланстык наркын; жана

(b) мындай күрөөнүн мөөнөтүн жана шарттарын.

15 Ишкана камсыздоонун кармоочусу болуп саналган учурда (финансылык же финансылык эмес активдер менен көрсөтүлгөн) жана камсыздоонун менчик ээси катары бул камсыздоону, дефолт болбогон учурда, сатууга же кайра күрөөгө коюуга уруксаты болсо, ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) кармалып турган камсыздоонун адилет наркын;

(b) сатылган же кайра күрөөгө коюлган кандай болбосун тийиштүү камсыздоонун адилет наркын, ошондой эле аны кайтарып берүү боюнча ишкананын милдеттенмелерин; жана

(c) ишкана бул камсыздоону пайдаланууга байланыштуу мөөнөттөрүн жана шарттарын.

**Кредиттик чыгымдар боюнча баалоо резервинин эсеби**

16 [Алып салынды]

16A ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2A-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдердин баланстык наркы зыяндарга карата резервдин суммасына азайбайт, ишкана финансылык абал жөнүндө отчетто зыяндарга карата резервди финансылык активдердин баланстык наркы азайган катары өзүнчө көрсөтүүгө тийиш эмес.

© ФОЭС Фонду

Бирок ишкана финансылык отчеттуулугундагы эскертүүлөрүндө зыяндарга карата резервди ачып көрсөтүүгө тийиш.

### Көп санда камтылган туунду инструменттери бар татаал финансылык инструменттер

17 Эгерде ишкана бир эле мезгилде милдеттенмелердин жана капиталдын компоненттерин камтыган инструмент чыгарса, (ФОЭС (IAS) 32нин 28-пунктун караныз), бул инструментте өз ара көз каранды болгон наркы менен (мисалы, кайра артка конвертацияланчу карыздык инструмент) көп санда туунду инструменттер камтылса, ишкана бул инструменттин болгон мүнөздөмөлөрүн ачып көрсөтүүгө тийиш.

### Дефолт жана милдеттенмелерди бузуу

18 Отчеттук мезгилдин акырына карата *зайымдар боюнча кредитордук карыз* боюнча ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) мезгилдин ичинде зайымдар боюнча негизги суммага, пайыздарга, төлөө фондуна же мындай кредитордук карызды төлөөнүн шарттарына тийиштүү дефолттун кандай болбосун факты тууралуу маалыматты;

(b) отчеттук мезгилдин акырына карата мөөнөтү өткөн зайымдар боюнча кредитордук карыздын баланстык наркын; жана

(c) милдеттенмелерин аткарбагандыгына байланыштуу келип чыккан зыяндын орду толтурулганын же толтурулбаганын, же финансылык отчеттуулук бекитилген күнгө карата зайымдар боюнча кредитордук карыздын шарттары кайра каралганын же каралбаганын.

19 Эгерде мезгилдин ичинде 18-пунктта жазылгандан айырмаланган кредиттик макулдашуунун шарттарын бузуулар орун алса, ишкана 18-пунктка ылайык ачып көрсөтүүнү талап кылган мындай бузууларга тийиштүү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш, эгерде бул бузуулар кредиторго каражаттарды тездетип кайтарып берүүнү талап кылууга мүмкүнчүлүк берсе (шарттарды бузууга байланыштуу келип чыккан зыяндын орду толтурулган же зайымдын шарттары отчеттук мезгилдин акырына же алда канча эрте күнгө карата кайра каралган учурларды кошпогондо).

## Жыйынды киреше жөнүндө отчет

### Кирешелердин, чыгашалардын, пайдалардын жана зыяндардын беренелери

20 Ишкана кирешелер, чыгашалар, пайдалар же зыяндардын төмөндөгү беренелери тууралуу маалыматтарды жыйынды киреше жөнүндө отчетто же эскертүүлөрүндө ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) төмөндөгүлөрдөн таза пайдалар же таза зыяндар:

(i) алардын өзгөрүүлөрү пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер, бул учурда бул категорияга баштапкы таанууда же ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.1-пунктуна ылайык кийин классификацияланган финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер боюнча, жана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык (мисалы, ФОЭС (IFRS) 9да сунушталган соодага арналган деген аныктамага жооп берген финансылык милдеттенмелер) милдеттүү түрдө адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер боюнча таза пайдалар же таза зыяндар өзүнчө ачып көрсөтүлөт. Алардын өзгөрүүлөрү пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган адилет наркы боюнча бааланат деп классификацияланган

финансылык милдеттенмелерге карата ишкана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган пайданын же зыяндын суммасын жана пайданын же зыяндын курамында таанылган сумманы өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш;

(ii) - (iv) [алып салынды]

(v) амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер;

(vi) амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдер;

(vii) ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган үлүштүк инструменттерге инвестициялар;

(viii) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын суммасын жана таануу токтотулганда топтолгон башка жыйынды кирешенин мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган суммасын өзүнчө көрсөтүү менен, ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер.

(b) ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2А-пунктуна ылайык (бул суммаларды көрсөтүү өзүнчө) башка жыйынды киреше аркылуу амортизацияланган нарк боюнча бааланган же адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдер боюнча жалпы пайыздык киреше жана жалпы пайыздык чыгашалар (натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен эсептелген); же пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланбаган финансылык милдеттенмелер.

(c) төмөндөгүлөр менен байланышта болгон комиссиялык кирешелер жана чыгашалар (натыйжалуу пайыздык ставканын аныктамасына кошулган суммалардан тышкары):

(i) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланбаган финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер; жана

(ii) жеке адамдардын, инвестициялык фонддордун, пенсиялык программалардын жана башка ишканалардын атынан активдерге ээлик кылуу же аларга инвестиция салуу жыйынтыгы болуп саналган ишенимдүү жана башка фидуциардык операциялар;

(d) [алып салынды]

(e) [алып салынды]

20A Ишкана жыйынды киреше тууралуу отчетунда таанылган амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдерди таанууну токтоткондун натыйжасында келип чыккан, бул финансылык активдерди таанууну токтоткондун натыйжасында келип чыккан пайданы өзүнчө жана зыянды өзүнчө чагылдыруу менен, таанылган пайданын же зыяндын талдоосун ачып көрсөтүүгө тийиш. Бул ачып көрсөтүү аталган финансылык активдерди таанууну токтотуунун себептерин камтууга тийиш.

## Башка маалыматтарды ачып көрсөтүү

### Эсеп саясаты

21 *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1дин (2007-жылы кайра каралган) 117-пунктуна ылайык ишкана өзү пайдаланган эсеп саясатынын негизги жоболорун, финансылык отчеттуулукту даярдоодо пайдаланган баалоо базасын (же базаларын) жана финансылык отчеттуулукту түшүнүү көз карашынан алганда жөндүү болгон эсеп саясатынын башка принциптерин ачып көрсөтөт.

© ФОЭС Фонду

**Хеджирлөөнү эсепке алуу**

21A Ишкана 21B - 24F-пункттарынын маалыматты ачып көрсөтүү тууралуу талаптарын ишкана хеджирлеген, жана аларга карата ишкана хеджирлөөнү эсепке алууну колдонууну чечкен тобокелдик боюнча позицияларга карата колдонууга тийиш. Хеджирлөөнү эсепке алууга тийиштүү төмөндөгү маалыматтар ачып көрсөтүлүүгө тийиш:

(a) тобокелдиктерди башкаруу боюнча ишкананын стратегиясы жана ишкана аны тобокелдиктерди башкаруу үчүн кандайча колдонот;

(b) ишкананын хеджирлөө боюнча ишмердүүлүгү анын келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын суммасына, мөөнөтүнө жана келип чыгуусунун айкын эместигине кандай түрдө таасир этиши мүмкүн; жана

(c) хеджирлөөну эсепке алуу ишкананын финансылык абалы тууралуу, жыйынды кирешеси тууралуу жана өздүк капиталынын өзгөрүшү жөнүндө отчетторуна тийгизген таасири.

21B Ишкана талап кылынган маалыматты өзүнчө эскертүүдө же өзүнүн финансылык отчеттуулугунда өзүнчө бөлүмдө ачып көрсөтүүгө тийиш. Бирок, ишкана мындай маалымат финансылык отчеттуулуктун кайчылаш шилтемесинин аркасында финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына финансылык отчеттуулуктун өзүндөй шарттарда жана ошол эле убакытта жеткиликтүү болгон жетекчиликтин комментарийи же тобокелдикдер тууралуу отчет сыяктуу башка отчетко киргизилген шарттарда дагы, кайсы бир жерде буга чейин көрсөтүлгөн маалыматты кайталабашы зарыл. Кайчылаш шилтеменин аркасында киргизилген мындай маалыматсыз финансылык отчеттуулук толук болуп эсептелбейт.

21C 22A - 24F-пункттар ишкана бул маалыматты тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча өзүнчө ачып көрсөтүүнү талап кылган учурларда, ишкана хеджирлөөнү чечкен тобокелдик боюнча позицияларынын жана хеджирлөөнү эсепке алуу пайдаланылгандардын негизинде тобокелдиктин ар бир категориясын аныктоого тийиш. Ишкана хеджирлөөнү эсепке алуу тууралуу ачып көрсөтүлгөн маалыматтарга карата тобокелдиктин ар бир категориясын аныктоодо ырааттуу болууга тийиш.

21D 21A-пунктунда каралган максаттарга жетүү үчүн ишкана (төмөндө көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо) маалыматты канчалык деңгээлде кенен ачып көрсөтүү зарыл экендигин, маалыматты ачып көрсөтүүгө талаптардын түрдүү аспектилерине канчалык көңүл буруу зарылдыгына, агрегациялоонун же деталдаштыруунун шайкеш деңгээлин, ошондой эле финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары ачып көрсөтүлгөн сандык маалыматтарды баалоо үчүн кошумча түшүндүрүүлөргө муктаждыгын чечүүгө тийиш. Бирок ишкана бул ФОЭСке жана *“Адилет наркты баалоо”* ФОЭС (IFRS) 13кө ылайык тийиштүү маалыматтарды ачып көрсөтүүдө пайдаланган агрегациялоонун же деталдаштыруунун ошол эле деңгээлин пайдаланууга тийиш.

*Тобокелдиктерди башкаруунун стратегиясы*

22 [Алып салынды]

22A Ишкана хеджирлөөнү чечкен позициялары жана хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулган тобокелдиктин ар бир категориясына карата тобокелдиктерди башкаруу боюнча өзүнүн стратегиясын түшүндүрүүгө тийиш. Мындай тушүндүрүү финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына төмөндөгүлөрдү баалоого көмөктөшүүгө тийиш (мисалы):

(a) ар бир тобокелдик кандайча пайда болот.

(b) ишкана ар бир тобокелдикти башкарууну кантип ишке ашырат; буга ишкана бул же тигил объектти толугу менен бардык тобокелдиктерге тийиштүү хеджирлейби же кайсы бир объект боюнча тобокелдик компонентин (же компоненттерин)

© ФОЭС Фонду

хеджирлейби, ошондой эле мындай ыкманын себептери тууралуу маалыматтар кошулат.

(c) ишкана башкарган тобокелдик боюнча позициялардын өлчөмү.

22B 22A-пунктунун талаптарына жооп бериш үчүн бул маалымат өзүнө төмөндөгүлөрдүн сыпаттамасын камтууга тийиш (бирок булар менен гана чектелбейт):

(a) тобокелдик боюнча позицияларды (көрсөтүлгөн максат үчүн алар кандайча пайдаланылаарын кошо) хеджирлөөдө пайдаланылган хеджирлөө инструменттерин;

(b) ишкана хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалоо максаттары үчүн хеджирлөө объектиси менен хеджирлөө инструменттеринин ортосундагы экономикалык өз ара байланышты кандайча аныктайт; ошондой эле

(c) ишкана хеджирлөөнүн коэффициентин кандайча белгилейт жана хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын булактары кайсылар.

22C Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча конкреттүү тобокелдик компонентин хеджирлөөнүн объектиси катары аныктаганда (ФОЭС (IFRS) 9дун 6.3.7-пунктун караңыз), ал 22A и 22B-пункттардын талаптарына ылайык ачып көрсөтүлгөн маалыматтардан тышкары төмөндөгүлөр тууралуу сапаттык жана сандык маалыматтарды келтирүүгө тийиш:

(a) ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси (тобокелдик компоненти менен жалпы объекттин ортосундагы өз ара байланыштын мүнөзүн сыпаттоону кошуп) катары аныктап, тобокелдик компонентин кандайча бөлүп алды; жана

(b) тобокелдик компоненти бул объект менен бир бүтүн катары кандайча шайкеш келет (мисалы, өткөн мезгилдерде ишкананын каалоосу менен аныкталган тобокелдик компоненти орточо эсеп менен бир бүтүн катары тийиштүү объекттин адилет наркынын өзгөрүшүнүн 80 пайызын жапчу).

*Келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын суммасы, мөөнөтү жана келип чыгуусунун айкын эместиги*

23 [Алып салынды]

23A Эгерде 23C-пункту менен башкасы каралбаса, анда тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча ишкана анын финансылык отчеттуулугунун пайдалануучуларына хеджирлөө инструменттеринин шарттарын жана параметрлерин баалоого, ошондой эле алардын ишкананын келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын суммасы, мөөнөтү жана келип чыгуусунун айкын эместигине таасирин баалоого мүмкүнчүлүк берген сандык маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш.

23B 23A-пунктунда каралган талаптарды аткаруу үчүн ишкана төмөндөгүлөр ачып көрсөтүлгөн топтомону көрсөтүүгө тийиш:

(a) хеджирлөө инструментинин номиналдык наркынын убактылуу түзүмү; жана

(b) эгерде хеджирлөө инструментинин орточо баасын же ставкасын, (мисалы, аткаруу баасы же форварддык баа ж.б.) пайдаланууга болсо.

23C Хеджирлөө инструменти дагы, хеджирлөө объектиси дагы тез-тез өзгөргөндүгүнөн улам ишкана хеджирлөө мамилесин кайра тез-тез караган (б.а. токтотот жана кайра улантат) жагдайларда (ишкана динамикалык процессти пайдаланат, анын алкагында бул позиция боюнча тобокелдикти башкарууда пайдаланылган хеджирлөөнүн позициясы дагы, инструменти дагы ФОЭС (IFRS) 9дун B6.5.24(b)-пунктунда келтирилген мисал сыяктуу ошол калыбында көпкө сактала албайт), ишкана:

(a) 23A жана 23B-пункттары менен маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылган зарылчылыктан бошотулат.

(b) ачып көрсөтүүгө тийиш:

(i) көрсөтүлгөн хеджирлөө мамилелеринин контексинде тобокелдиктерди башкаруу боюнча түпкү стратегиясы тууралуу маалыматты;

(ii) хеджирлөө эсебин пайдалануу менен жана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөөнүн дал ошондой мамилелерин аныктап, өзүнүн тобокелдиктерди башкаруу стратегиясын кандайча чагылдыраарынын сыпаттамасын; жана

(iii) көрсөтүлгөн хеджирлөө мамилелеринин контексинде ишкана колдонгон процесстин алкагында хеджирлөө мамилелерин токтотуу жана кайра улантуу канчалык тез-тез болоору тууралуу маалыматтарды.

23D Ишкана тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын булактарынын сыпаттамасын ачып көрсөтүүгө тийиш, алар күтүлгөндөй, аракеттенүү мөөнөтү бою хеджирлөөнүн белгилүү бир мамилелерине таасир этет.

23E Эгерде хеджирлөөнүн кайсы бир мамилелеринин алкагында хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын башка булактары пайда болсо, ишкана тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча бул булактары тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүгө жана пайда болгон хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын түшүндүрүүгө тийиш.

23F Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө тийиштүү ишкана мурдагы мезгилде ага карата хеджирлөө эсеби пайдаланылган, бирок мындан ары аны ишке ашыруу күтүлбөгөн болжолдонгон операциянын сыпаттамасын ачып көрсөтүүгө тийиш.

*Хеджирлөөнү эсепке алуунун финансылык абалга жана финансылык натыйжалуулукка таасири*

24 [Алып салынды]

24A Ишкана хеджирлөөнүн ар бир тибине (адилет наркты хеджирлөө, акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө же таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмчөгө хеджирлөө) тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча өзүнчө, хеджирлөөнүн инструменти катары өзүнүн каалоосу боюнча аныкталган инструменттерге тийиштүү төмөндөгү суммаларды таблица формасында ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) хеджирлөө инструменттеринин баланстык наркын (финансылык милдеттенмелерден өзүнчө финансылык активдер);

(b) курамында хеджирлөөнүн инструменттери чагылдырылган финансылык абал жөнүндө отчеттун беренесин;

(c) мезгил ичинде хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын таануу үчүн негиз катары пайдаланылган хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүшүн; жана

(d) хеджирлөө инструменттеринин номиналдуу суммалары (тонна же куб метр өңдүү сандык параметрлерин кошо).

24B Ишкана хеджирлөөнүн төмөндөгү типтери үчүн тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча өзүнчө хеджирлөөнүн объектилерине тийиштүү төмөндө көрсөтүлгөн суммаларды таблица формасында ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) хеджирлөөнүн адилет наркына карата:

(i) финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган (активдерди жана милдеттенмелерди өз-өзүнчө көрсөтүү менен) хеджирлөө объектисинин баланстык наркы;

(ii) финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган (активдерди жана милдеттенмелерди өз-өзүнчө көрсөтүү менен) хеджирлөө объектисинин баланстык наркына кошулган хеджирлөө объектиси боюнча адилет наркты оңдоп-түзөөнүн хеджирленген топтолгон сумманы;

(iii) курамында хеджирлөө объектиси чагылдырылган финансылык абал жөнүндө отчеттун беренеси;

(iv) мезгил ичинде хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын таануу үчүн негиз катары пайдаланылган хеджирлөөнүн объектисинин наркынын өзгөрүшү; жана

(v) ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.10-пунктуна ылайык хеджирлөөдөн пайданын жана зыяндын өлчөмүнө мындан ары оңдоп-түзөлбөгөн хеджирлөө объектилерине ылайыктуу финансылык абал жөнүндө отчетто калган адилет нарктын хеджирлеген оңдоп-түзөөлөрдүн топтолгон суммасын.

(b) акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө жана таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөөгө ылайыктуу:

(i) мезгил ичинде хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын таануу үчүн негиз катары пайдаланылган хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүшү (б.а. акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө учурунда ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.11(c)-пунктуна ылайык хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын таанууну аныктоо үчүн пайдаланылган нарктын өзгөрүшү);

(ii) акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө резервде калган жана ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.11 жана 6.5.13(a)-пункттарына ылайык эске алынган хеджирлөөнүн улантылып жаткан мамилелерине ылайыктуу курстук айырмалардан топтолгон резервдеги суммалардын калдыгы; жана

(iii) акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө резервде калган жана мындан ары хеджирлөө эсеби пайдаланылбаган мурдагы хеджирлөө мамилелеринен курстук айырмалардан топтолгон резервдеги суммалардын калдыгы.

24C Ишкана тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча өзүнчө хеджирлөөнүн төмөндөгү типтери үчүн төмөндөгү суммаларды таблица формасында ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) хеджирлөөгө ылайыктуу адилет наркты:

(i) хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын өлчөмүн, б.а. хеджирлөө инструменти боюнча жана хеджирлөө объекти боюнча пайда болгон, пайданын же зыяндын курамында таанылган (же үлүштүк инструментти хеджирлөө учурунда, ага карата ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык башка жыйынды кирешенин курамында адилет наркынын өзгөрүшүн көрсөтүүнү чечсе) хеджирлөөдөн пайданын же зыяндын ортосундагы айырманы; жана

(ii) жыйынды киреше жөнүндө отчетто курамында таанылган хеджирлөөнүн натыйжасыздыгы чагылдырылган беренени.

(b) акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө карата жана чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны хеджирлөөгө ылайыктуу:

(i) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, отчеттук мезгилде пайда болгон хеджирлөөдөн пайдалар же зыяндар;

(ii) пайданын же зыяндын курамында таанылган хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын өлчөмүн;

(iii) жыйынды киреше жөнүндө отчеттогу хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын таанылган өлчөмү кошулган беренени;

(iv) акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн резервинен кайра классификацияланган же курстук айырмалардан топтолгон резервден кайра классификацияланган оңдоп-түзөө (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) (мурда аларга карата хеджирлөө эсеби пайдаланылган, бирок алар боюнча хеджирленген келечектеги акча каржаттарынын агымдары пайда болушу күтүлбөйт, ошондой эле хеджирлөө объекти пайдага же зыянга таасир бергендигине байланыштуу жылдырылып коюлган суммалар) иретинде пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган сумманы;

(v) бул кайра классификацияланган оңдоо-түзөө (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кошулган жыйынды киреше жөнүндө отчеттогу беренени; жана

(vi) жыйынды киреше жөнүндө отчетто (ФОЭС (IFRS) 9дун 6.6.4-пунктун караңыз) өзүнчө берене болуп таанылган нетто-позицияны, пайданы же зыянды хеджирлеген учурда.

24D 23C-пунктунда каралган бошотуу колдонулган хеджирлөө мамилелеринин көлөмү отчеттук мезгилдин ичинде жөнөкөй көлөмдү чагылдыруу үчүн репрезентативдүү болуп саналбаса (б.а. отчеттук күнгө карата абалы боюнча көлөм мезгилдин ичиндеги көлөмдү чагылдырбаса), ишкана бул фактыны жана мындай көлөм репрезентативдүү болуп саналбайт деп эмне үчүн эсептегендигинин себебин ачып көрсөтүүгө тийиш.

24E Ишкана ФОЭС (IAS) 1ге ылайык өздүк капиталынын компоненттерин ар бир салыштырып текшерүүнү жана башка жыйынды кирешенин талдоосун көрсөтүүгө тийиш, алар биригип келип:

(a) 24C(b)(i) жана (b)(iv) пункттарына ылайык болбоду дегенде ачып көрсөтүлгөн маалыматтарга тийиштүү суммаларды жана ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.11(d)(i) жана (d)(iii) пункттарына ылайык эсепте чагылдырылган суммаларды чектеп турат;

(b) белгилүү бир операция менен байланыштуу объектилерди хеджирлөөдө пайдаланылган опциондордун убакыт ичиндеги наркын чагылдырган суммаларды жана ишкана опциондун убакыт ичиндеги наркын ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.15-пунктуна ылайык эске алган учурларда убакыттын белгилүү бир интервалына байланыштуу объектилерди хеджирлөөдө пайдаланган опциондордун убакыт ичиндеги наркын чагылдырган суммаларды чектеп турат; жана

(c) форварддык келишимдердин форварддык элементтерин жана белгилүү бир операция менен байланыштуу объектилерди хеджирлөөдө пайдаланылган финансылык инструменттердин валюталык базистик спрэддерин форварддык элементтерди чагылдырган суммаларды жана форварддык келишимдердин форварддык элементтерин жана ишкана мындай суммаларды ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.16-пунктуна ылайык эске алган учурларда убакыттын белгилүү бир интервалына байланыштуу объектилерди хеджирлөөдө пайдаланылган финансылык инструменттердин валюталык базистик спрэддеринин форварддык элементтерин чагылдырган суммаларды чек менен ажыратып турат.

24F Ишкана 24E-пунктта талап кылынган маалыматтарды тобокелдиктин ар бир категориясы боюнча өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш. Тобокелдиктер боюнча мындай топ-топко бөлүү финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн.

*Кредиттик тобокелдикти пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган сыяктуу аныктоо мүмкүнчүлүгү*

24G Эгерде ишкана өз каалоосу менен финансылык инструментти же анын пропорционалдуу бөлүгүн кредиттик туунду инструментти мындай финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикти башкаруу үчүн пайдалангандыгына байланыштуу пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияласа, анда төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикти башкаруу үчүн пайдаланылган, ишкананын каалоосу боюнча ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.1-пунктуна ылайык пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категория катары классификацияланган кредиттик туунду инструменттерге ылайыктуу мезгилдин башталышындагы жана акырындагы абалына карата номиналдык наркын дагы, адилет наркын дагы салыштырып текшерүүнү;

(b) финансылык инструментти же анын пропорционалдуу бөлүгүн ишкананын каалоосу боюнча классификациялоодо ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.1-пунктуна ылайык пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган сыяктуу мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында таанылган пайданы же зыянды; жана

(c) финансылык инструментти же анын пропорционалдуу бөлүгүн пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча баалоону токтоткон учурда, бул финансылык инструменттин адилет наркы ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.4-пунктуна ылайык, жаңы категориядагы анын баланстык наркы болуп калган өлчөмүн, ошондой эле тийиштүү наркын же негизги сумманы баалоону токтоткондо (ФОЭС (IAS) 1ге ылайык көрсөтүүгө тийиш болгон салыштырмалуу маалыматтарды кошпогондо, ишкана бул маалыматты кийинки мезгилдерде ачып көрсөтүүсүн уланта берүүгө милдеттүү).

*Базалык пайыздык ставканын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик*

24H Аларга ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 6.8.4 - 6.8.12-пункттарында же ФОЭС (IAS) 39дун 102D - 102N-пункттарында каралган өзгөчө учурларды колдонгон хеджирлөө мамилелерине карата ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) олуттуу базалык пайыздык ставкалар, алардын өзгөрүү тобокелдигине ишкана тарабынан колдонулган хеджирлөө мамилелери дуушар болгон.

(b) аларды ишкана башкарган жана аларга базалык пайыздык ставканын реформасы түздөн-түз таасирин тийгизген тобокелдик боюнча позициялардын өлчөмү;

(c) ишкана альтернеативдүү базалык ставкаларга өтүү процессин кантип башкара тургандыгын;

(d) ушул пункттарды колдонууда ишкана пайдаланган олуттуу ожомолдордун жана ой жүгүртүүлөрдүн сыпаттамасын (мисалы, базалык пайыздык ставканын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик болбой калган учурлар, базалык пайыздык ставкага негизделген акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгуу мөөнөттөрү жана көлөмү жагынан божомолдор жана ой-пикирлер); жана

(e) ушул хеджирлөө мамилелериндеги хеджирлөө инструменттеринин номиналдык наркын.

## Адилет нарк

25 29-пунктта аныкталган учурларды кошпогондо, финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин ар бир классы үчүн (6-пунктту караңыз) ишкана адилет наркты аны балланстык нарк менен салыштыргыдай ыкма менен ачып көрсөтүүгө тийиш.

26 Адилет наркты ачып көрсөтүүдө ишкана финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди класстар боюнча топтоштурууга тийиш, бирок аларды өз ара чегерүүнү алардын балланстык наркынын финансылык абал жөнүндө отчетто өз ара чегериле турган бөлүгүндө гана жүргүзүүгө тийиш.

27–27B [Алып салынды]

28 Айрым учурларда ишкана финансылык активди же финансылык милдеттенмелерди баштапкы таанууда пайданы же зыянды тааныбайт, анткени адилет нарк активдүү рынокто окшош активке же милдеттенмеге (б.а. 1-деңгээлдин баштапкы маалыматтары) карата котировкаланган баа менен ырасталбайт жана байкоо жүргүзүлүүчү рыноктун (ФОЭС (IFRS) 9дун B5.1.2A-пунктун караңыз) маалыматтары гана пайдаланылган баалоо ыкмасына негизденбейт. Мындай учурларда ишкана финансылык активдин же финансылык милдеттенмелердин класстары боюнча төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) активдин же милдеттенменин баасын белгилөөдө (ФОЭС (IFRS) 9дун B5.1.2A(b)-пунктун караңыз) рыноктун катышуучулары эсепке алчу факторлордун өзгөрүшүн (анын ичинде убактылууну дагы) чагылдыруу максатында, баштапкы таануудагы пайданын же зыяндын курамында адилет нарк менен операциянын баасынын ортосундагы айырманы таанууга карата эсеп саясатын;

(b) пайданын же зыяндын курамында мына эми гана таанылa турган мезгилдин башталышына жана аягына карата жыйынды айырманы жана бул айырманын сальдосунун өзгөрүшүн салыштырып текшерүүнү;

(c) операциянын баасы адилет наркттын мыкты ырастоочусу болуп саналгандыгы тууралуу ишкана тарабынан кылынган негиздемени, анын ичинде адилет наркттын баасын тастыктаган далилдердин сыпаттамасын.

29 Төмөндөгү учурларда адилет наркты ачып көрсөтүү талап кылынбайт:

(a) балланстык нарк болжол менен адилет наркка барабар болгондо, мисалы, соода операциялары боюнча кыска мөөнөттүү дебитордук жана кредитордук карыз өңдүү финансылык инструменттер үчүн;

(b) [алып салынды]

(c) эгерде бул мүнөздөмөнүн адилет наркы ишенимдүү баалана албаса, каалоосу боюнча (ФОЭС (IFRS) 4тө сыпатталгандай) катышууга мүмкүнчүлүк берген мүнөздөмөнү камтыган келишим үчүн.

(d) ижара боюнча милдеттенмелер жагынан.

30 29(c)-пунктунда сыпатталган кырдаалдарда ишкана финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына бул келишимдин эсептик наркы менен алардын адилет наркынын ортосундагы мүмкүн болчу айырманын көлөмү тууралуу өзүнүн ой жүгүртүүлөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк берген маалыматты төмөндөгүлөрдү кошуп ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) бул инструменттердин адилет наркы тууралуу маалымат ачып көрсөтүлбөгөндүгүн констатациялоону, анткени алардын адилет наркы ишенимдүү баалана албайт;

(b) бул финансылык инструменттердин, алардын балланстык наркынын сыпаттамасын жана эмне себептен адилет наркы ишенимдүү баалана албагандыгын түшүндүрүүнү;

(c) бул инструменттердин рыногу тууралуу маалыматты;

(d) ишкана бул финансылык инструменттерди ишке ашырууга ниеттенип жатабы жана кандай жол менен ишке ашыраары тууралуу маалыматты; жана

(e) эгерде адилет наркы мурда ишенимдүү баалана албаган финансылык инструменттерди таануу токтотулса, таанууну токтотуу фактысы ачып көрсөтүлөт, тийиштүү финансылык инструменттердин аларды таануу токтотулган учурга карата баланстык наркы жана чагылдырылган пайдалардын же зыяндардын суммасын.

## Финансылык инструменттерге байланыштуу тобокелдиктердин мүнөзү жана өлчөмү

**31 Ишкана финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларына ишкана отчеттук мезгилдин акырына карата тушуккан финансылык инструменттерге байланыштуу тобокелдиктердин мүнөзүн жана өлчөмүн баалоого мүмкүнчүлүк берген маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

32 33 – 42-пункттарда талап кылынган маалыматтарды ачып көрсөтүү финансылык инструменттерге байланыштуу келип чыкчу тобокелдиктерди, ошондой эле тобокелдиктерди башкаруу кандай ишке ашырылып жаткандыгын аныктайт. Бул тобокелдикдер адатта кредиттик тобокелдикти, *ликвиддүүлүк тобокелдигин* жана рынок тобокелдигин камтыйт, бирок алар менен чектелип калбайт.

32A Сандык маалыматты ачып көрсөтүүнүн контексинде сапаттык маалыматты ачып көрсөтүү пайдалануучуларга тийиштүү ачып көрсөтүүлөрдү бириктирип, ошол аркылуу финансылык инструменттерге байланыштуу келип чыкчу тобокелдиктердин өлчөмүнүн мүнөзү тууралуу жалпы түшүнүктү калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет. Маалыматты сандык жана сапаттык ачып көрсөтүүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүү пайдалануучуларга ишкананын тобокелдиктерин жакшы баалоого өбөлгө түзөт.

### Маалыматты ачып көрсөтүү – сапаттык мүнөздөмөлөр

33 Финансылык инструменттерге байланыштуу келип чыкчу тобокелдиктердин ар бир түрү боюнча ишкана төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ишкананын тобокелдиктерге туш келүүсүн жана алар кандайча пайда болоорун;

(b) тобокелдиктерди башкаруу жаатында ишкананын максаттары, саясаты, жол-жоболору жана тобокелдикти баалоодо ишкана пайдаланган методдорду; жана

(c) мурдагы мезгилге салыштырмалуу (а) же (b)дагы кандай болбосун өзгөртүүлөрдү.

### Маалыматты ачып көрсөтүү – сандык мүнөздөмөлөр

34 Финансылык инструменттерге байланыштуу келип чыкчу тобокелдиктердин ар бир түрү боюнча ишкана төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) отчеттук мезгилдин акырына карата ишкананын тобокелдиктерге туш келиши тууралуу жыйынтыкталган сандык маалыматтар. Бул маалыматты ачып көрсөтүү жетекчиликтин негизги мүчөлөрүнө, мисалы, ишкананын директорлор кеңешине же башкы директорго берилчү (*«Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 24кө ылайык) ички маалыматтарга негизденүүгө тийиш;

(b) 35A – 42-пункттарга ылайык ачып көрсөтүү талап кылынган мааламаттар (а) пунктуна ылайык ал каралбаган бөлүгүндө;

© ФОЭС Фонду

(c) (a) жана (b) пункттарына ылайык ачып көрсөтүлгөн маалыматтардан улам бул анык болбосо, тобокелдиктерди концентрациялоо тууралуу маалыматты.

35 Эгерде отчеттук мезгилдин акырындагы абалы боюнча ачып көрсөтүлгөн сандык маалыматтар ишкананын мезгил ичинде тобокелдиктерге туш келиши тууралуу туура түшүнүк бербесе, анда ишкана мындай түшүнүктү берген мындан аркы маалыматты берет.

**Кредиттик тобокелдик**

*Колдонуу чөйрөсү жана максаттары*

35A Ишкана нарктын түшүшүнө карата ФОЭС (IFRS) 9дун талаптары колдонулчу финансылык инструменттерге карата маалыматты ачып көрсөтүүгө 35F – 35N- пункттардын талаптарын колдонууга тийиш. Ошентсе да:

(a) соода боюнча дебитордук карызга, келишим боюнча активге жана ижара боюнча дебитордук карызга карата 35J(a)-пункту бардык мөөнөтү үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдар ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.15-пункуна ылайык таанылса, эгерде финансылык активдер өзгөрүлсө, эгерде мөөнөтү өткөнүнө 30 күндөн ашса, соода боюнча дебитордук карызга, келишим боюнча активге жана ижара боюнча дебитордук карызга карата колдонулат; жана

(b) 35K(b)-пункту ижара боюнча дебитордук карызга карата колдонулбайт.

35B 35F – 35N-пункттарына ылайык кредиттик тобокелдик тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына кредиттик тобокелдиктин келечектеги акча каражатарынын агымдарынын суммасына, мөөнөттөрүнө жана айкын эместигине таасирин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул максатка жетүү үчүн кредиттик тобокелдик тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

(a) ишкананын кредиттик тобокелдикти башкаруу методдору тууралуу жана алар күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн пайдаланылган методдорду, божомолдорду жана маалыматты кошо алганда, алар күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу жана баалоо менен кандайча байланышта экендиги тууралуу маалыматты;

(b) финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына күтүлгөн кредиттик чыгымдардын натыйжасында пайда болгон финансылык отчеттуулуктагы күтүлгөн кредиттик чыгымдардын суммасындагы өзгөрүүлөрдү жана бул өзгөрүүлөрдүн себептерин кошо камтыган суммаларды баалоого мүмкүнчүлүк берген сандык жана сапаттык маалыматты; жана

(c) ишкананын кредиттик тобокелдиктерге туш келүүсү тууралуу (б.а. кредит берүү боюнча ишкананын финансылык активдерине жана милдеттенмелерине мүнөздүү кредиттик тобокелдиктерге) кредиттик тобокелдиктин олуттуу концентрациясын кошо камтыган маалыматты.

35C Ишкана мындай маалымат финансылык отчеттуулуктун кайчылаш шилтеменин аркасында финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына финансылык отчеттуулуктун өзүндөй шарттарда жана бир эле мезгилде жеткиликтүү болгон жетекчиликтин комментарийи же тобокелдикдер тууралуу отчет сыяктуу башка отчетко киргизилген шарттарда дагы кайсы бир жерде буга чейин көрсөтүлгөн маалыматты кайталабашы зарыл. Кайчылаш шилтеме катары киргизилген мындай маалыматсыз финансылык отчеттуулук толук болуп эсептелбейт.

35D 35B-пунктунда каралган максаттарга жетүү үчүн ишкана (башкалары көрсөтүлбөсө) маалыматты канчалык деңгээлде кенен ачып көрсөтүү зарыл экендигин, маалыматты ачып көрсөтүүгө талаптардын түрдүү аспектилерине канчалык көңүл буруу зарылдыгына, агрегациялоонун же деталдаштыруунун шайкеш деңгээли, ошондой эле финансылык

отчеттуулуктун пайдалануучулары ачып көрсөтүлгөн сандык маалыматтарды баалоо үчүн кошумча түшүндүрүүлөргө муктаждыгын кароого тийиш.

35E Эгерде 35F – 35N-пункттарына ылайык ачып көрсөтүлгөн маалымат 35B-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн жетишсиз болсо, ишкана бул максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон кошумча маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

*Кредиттик тобокелдикти башкаруу практикасы*

35F Ишкана өзүнүн кредиттик тобокелдикти башкаруу ыкмаларын жана алар күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таанууга жана баалоого кандайча байланыштуу экендигин түшүндүрүүгө тийиш. Бул максатка жетүү үчүн ишкана финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына төмөндөгүлөрдү түшүнүүгө жана баалоого мүмкүнчүлүк берген маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструменттин кредиттик тобокелдиги олуттуу көбөйгөндүгүн ишкана кантип аныктады, анын ичинде, эгерде жана кандайча:

(i) аларга карата колдонгон финансылык инструменттердин класстарын кошуп, ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.10-пунктуна ылайык финансылык инструменттердин кредиттик тобокелдиги төмөн деп эсептелет; жана

(ii) баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик олуттуу көбөйгөндүгү тууралуу ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.11-пунктундагы жол берилүү финансылык активдер 30 күндөн ашуун мөөнөтүнөн өтүп кеткенде жокко чыгарылган;

(b) бул аныктамаларды тандоонун себептерин кошуп, ишкана пайдаланган дефолттун аныктамасы;

(c) эгерде күтүлгөн кредиттик чыгымдар коллективдүү негизде бааланса, инструменттер кандайча топтоштурулган;

(d) ишкана финансылык активдерди кандайча кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер катары аныктаган;

(e) өндүрүү акылга сыярлык күтүүлөрдүн индикаторлорун жана эсептен чыгарылган, бирок мурдагыдай эле мажбурлаган аракеттерди жараткан финансылык активдерге карата саясат тууралуу маалыматтарды кошуп, ишкананын эсептен чыгаруу саясаты; жана

(f) финансылык активдер боюнча акча каражаттарынын агымдары келишимде каралган өзгөрүүлөргө тийиштүү ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.12-пунктунун талаптары кандайча пайдаланылды, ишкана төмөндөгүлөрдү кандайча аныктагандыгын кошо:

(i) модификацияланган финансылык активдер боюнча кредиттик тобокелдик жакшыргандыгын аныктайт, ошол эле мезгилде зыянга каралган резерв бардык мөөнөтү үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар зыянга каралган резерв ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.5-пунктуна ылайык 12 айга карата күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммага баалоого кайрылган деңгээлдеги суммага бааланганда; жана

(ii) (i)деги критерийлерге жооп берген финансылык активдер боюнча зыянга каралган резерв кийинчерээк ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.3-пунктуна ылайык бардык мөөнөтү үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммага кайра бааланган деңгээлди контролдойт.

35G Ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5-бөлүмүнүн талаптарын колдонуу үчүн пайдаланылган түпкү маалыматтарды, жол берүүлөрдү жана баалоо ыкмаларын түшүндүрүүгө тийиш. Бул максатта ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) түпкү маалыматтардын жана жол берүүлөрдүн негизи, ошондой эле төмөндөгүлөр үчүн пайдаланылган баалоо ыкмалары:

(i) 12 ай жана бардык мөөнөт үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо;

(ii) баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструменттин кредиттик тобокелдиги олуттуу көбөйгөндүгүн аныктоо; жана

(iii) финансылык актив кредиттик-наркы түшкөн болуп саналаарын аныктоо.

(b) күтүлгөн кредиттик чыгымдарды аныктоодо божомолдук маалымат кандайча эске алынгандыгы, макроэкономикалык маалыматты колдонууну кошо; жана

(c) отчеттук мезгилдин ичинде жасалган баалоонун ыкмаларындагы өзгөрүүлөр же олуттуу жол берүүлөр жана бул өзгөрүүлөрдүн себептери.

*Күтүлгөн кредиттик чыгымдардын суммалары тууралуу сандык жана сапаттык маалыматтар*

35H Зыянга каралган баалоо резервиндеги өзгөртүүлөрдү жана ошол өзгөртүүлөрдүн себептерин түшүндүрүү үчүн ишкана финансылык инструменттердин класстары боюнча зыянга каралган баалоо резервиндеги баштапкы калдыкты аяккы калдык менен салыштырып текшерүүнү таблицада, мезгилдеги өзгөрүүлөрүн өзүнчө көрсөтүүгө тийиш:

(a) зыянга каралган баалоочу резервдеги 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар суммада;

(b) зыянга каралган баалоочу резервдеги бардык мөөнөт үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар суммада; төмөндөгүлөр үчүн:

(i) баштапкы тааныган учурдан тартып кредиттик тобокелдиги олуттуу өскөн финансылык инструменттер, бирок алар кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив болуп саналбайт;

(ii) отчеттук күнгө карата кредиттик-наркы түшкөн болуп саналган финансылык активдер (бирок алар кредиттик-наркынын түшүшү боюнча сатылып алынган эмес же түзүлгөн эмес); жана

(iii) зыянга каралган баалоо резервдери ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.15-пунктуна ылайык бааланчу келишим боюнча активдерге соода дебитордук карыз же ижара боюнча карыз.

(c) кредиттик-наркынын түшүшү боюнча сатылып алынган же түзүлгөн финансылык активдер. Ишкана салыштырып текшерүүгө толуктоо иретинде башталышында отчеттук мезгил ичинде таанылган финансылык активдер боюнча баштапкы таанууда дисконттолбогон күтүлгөн кредиттик чыгымдын жалпы суммасын ачып көрсөтүүгө тийиш.

35I Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары 35H-пунктка ылайык ачып көрсөтүлгөн зыянга каралган баалоо резервиндеги өзгөрүүлөрдү түшүнүшү үчүн ишкана финансылык инструменттердин баланстык дүң наркынын мезгил ичиндеги олуттуу өзгөрүүлөрү зыянга каралган баалоо резервиндеги өзгөрүүлөргө кандай таасир этксндигин түшүндүрүүгө тийиш. Маалымат 35H(a) - (c)-пункттарында көрсөтүлгөндөй, зыянга каралган баалоо резерви болуп саналган финансылык инструменттер үчүн өзүнчө көрсөтүлүүгө тийиш жана тийиштүү сандык жана сапаттык маалыматты камтууга тийиш. Зыянга каралган баалоо резервиндеги

© ФОЭС Фонду

өзгөрүүлөргө өбөлгө болгон финансылык инструменттердин балакстык дүң наркынын өзгөрүүлөрүнө мисалдар төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) отчеттук мезгилдин ичинде түзүлгөн же сатылып алынган финансылык инструменттерге байланыштуу өзгөрүүлөр;

(b) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык бул финансылык активдерди таанууну токтотууга алып келбеген финансылык активдер боюнча акча каражаттарынын агымдарынын келишиминде каралган өзгөрүүлөр;

(c) отчеттук мезгил ичинде таануу токтотулган (эсептен чыгарылгандарды кошо) финансылык инструменттерден улам өзгөрүүлөр; жана

(d) зыянга каралган резерв 12 айлык же бардык мөөнөтү үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар сумма катары баалангандыгына байланыштуу пайда болгон өзгөрүүлөр.

35J Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары таанууну токтотууга алып келбеген финансылык активдер боюнча акча каражаттарынын агымдарынын келишиминде каралган өзгөрүүлөрдүн мүнөзүн жана таасирин, ошондой эле мындай өзгөрүүлөр күтүлгөн кредиттик чыгымды баалоого тийгизген таасирин түшүнүшү үчүн ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) модификацияга чейинки амортизацияланган наркты жана финансылык активдер үчүн таанылган, аларга карата келишим менен каралган акча каражаттарынын агымдары отчеттук мезгилдин ичинде өзгөртүлгөн модификациядан түшкөн таза пайда же зыян, ошол эле учурда алардын зыянга каралган баалоо резерви бардык мөөнөттө күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар сумма болгон; жана

(b) баштапкы тааныган мезгилден тартып өзгөртүлгөн отчеттук мезгилдин акырына карата финансылык активдердин дүң балакстык наркы, ошол мезгилде зыянга каралган баалоо резерви бардык мөөнөттө күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар сумма катары бааланган жана алар боюнча зыянга каралган баалоо резерви отчеттук мезгилдин аралыгында 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар суммага барабар кылып өзгөртүлгөн.

35K Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары күтүлгөн кредиттик чыгымга байланыштуу пайда болгон суммага камсыздоонун жана кредиттик сапатты жогорулатуунун башка каражаттарынын таасирин түшүнүшү үчүн ишкана финансылык инструменттерди класстары боюнча ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) колдо болгон кандайдыр бир камсыздоону же кредиттик сапатты жогорулатуунун башка каражаттарын эске албастан (мисалы, ФОЭС (IAS) 32ге ылайык өз ара чегерүүнүн талаптарына ылайык келбеген өз ара чегерүү тууралуу макулдашуулар), отчеттук мезгилдин акырына карата кредиттик тобокелдиктерге максималдуу туш келүүсүн эң жакшы чагылдыруучу сумманы:

(b) камсыздоо катары кармалган камсыздоону жана кредиттик сапатты жогорулатуунун башка каражаттарын кеңири сыпаттоо, төмөндөгүлөрдү кошо:

(i) кармалып турган камсыздоонун мүнөзүн жана сапатын сыпаттоо;

(ii) отчеттук мезгил ичинде ишкананын камсыздоо саясатынын начарлашынын же өзгөрүшүнүн натыйжасында бул камсыздоонун сапатын же кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарынын кандай болбосун олуттуу өзгөрүшүн түшүндүрүү; жана

(iii) ишкана камсыздоодон улам зыянга каралган баалоо резервин таанЫбаган финансылык инструменттер тууралуу маалыматты.

© ФОЭС Фонду

(c) отчеттук күнгө карата наркы түшкөн финансылык активдер үчүн камсыздоо катары пайдаланылган камсыздоо жана кредиттик сапатты жогорулатуунун башка каражаттары тууралуу (мисалы, камсыздоо жана кредиттик сапатты жогорулатуунун башка каражаттары кредиттик тобокелдикти азайткан деңгээлди сандык баалоо) сандык маалымат.

35L Ишкана отчеттук мезгилдин ичинде эсептен чыгарылган жана аларга карата али дагы аткарууга мажбурлоо чаралары колдонулуп келе жаткан финансылык активдер боюнча төлөнө элек карыздын келишимдик суммасын ачып көрсөтүүгө тийиш.

*Кредиттик тобокелдиктерге туш болуу*

35M Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары ишкананын кредиттик тобокелдиктерге туш болуусун баалай алышы үчүн жана кредиттик тобокелдиктин олуттуу концентрациясын түшүнүшү үчүн ишкана финансылык активдердин дүң балансттык наркынын кредиттик тобокелдигинин жана кредит берүү боюнча милдеттенмелердин кредиттик тобокелдиктерге туш болуу деңгээлдери жана финансылык кепилдик келишимдери боюнча ачып көрсөтүүгө тийиш. Бул маалымат финансылык инструменттер үчүн өзүнчө көрсөтүлөт:

(a) алар боюнча зыянга каралган баалоо резерви 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар суммада бааланат;

(b) алар боюнча зыянга каралган баалоо резерви бардык мөөнөт үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымга барабар суммада бааланат жана алар төмөндөгүлөр:

(i) алар боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таанылган учурдан тартып олуттуу көбөйгөн, бирок алар кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив болуп эсептелбейт;

(ii) отчеттук күнгө карата кредиттик-наркы түшкөн болуп саналган финансылык активдер (бирок алар кредиттик-наркы түшкөн катары сатылып алынган же түзүлгөн эмес); жана

(iii) зыянга каралган баалоо резервдери ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.15-пунктуна ылайык бааланчу келишим боюнча активдерге соода боюнча дебитордук карыз же ижара боюнча дебитордук карыз.

(c) сатылып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер болуп саналгандар.

35N Ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.15-пунктун колдонгон соода боюнча дебитордук карызга, келишим боюнча актив жана ижара боюнча дебитордук карыздарга карата 35M-пунктуна ылайык көрсөтүлгөн маалымат резервдер матрицасына негизделиши мүмкүн (ФОЭС (IFRS) 9дун B5.5.35-пунктун караңыз).

36 Аларга карата нарктын түшүшүн эсепке алуу боюнча ФОЭС (IFRS) 9дун талаптары колдонулбаган, ушул ФОЭСтин колдонулуу чөйрөсүнө кирген бардык финансылык инструменттер боюнча ишкана финансылык инструменттердин класстары боюнча төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) колдо болгон кандайдыр бир камсыздоону же кредиттик сапатты жогорулатуунун башка каражаттарын эске албастан (мисалы, ФОЭС (IAS) 32ге ылайык өз ара чегерүүнүн критерийлерине ылайык келбеген неттинг тууралуу макулдашуулар), отчеттук мезгилдин акырына карата кредиттик тобокелдиктерге максималдуу туш келүүсүн эң жакшы чагылдыруучу сумманы; бул маалыматты ачып көрсөтүү балансттык наркы кредиттик тобокелдиктин өлчөмүн максималдуу чагылдырган финансылык инструменттерге карата талап кылынбайт;

(b) кармалып турган камсыздоону жана кредиттик сапатты жогорулатуунун башка механизмдерин, ошондой эле (мисалы, күрөөлүк камсыздоо жана кредиттик сапатты жогорулатуунун башка механизмдери кредиттик тобокелдикти жеңилдеткен чараларды баалоо) кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмүн ((a) пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн же финансылык инструменттин баланстык наркы менен туюндурулган) чагылдырган суммага карата алардын финансылык натыйжасын сыпаттоо;

(c) [алып салынган].

(d) [алып салынган].

37 [Алып салынган]

*Алынган камсыздоо жана кредиттин сапатын жогорулатууда пайдаланылган башка механизмдер*

38 Эгерде мезгил ичинде ишкана анда кармалып турган күрөөлүк камсыздоону өндүрүп алуунун натыйжасында же кредиттин сапатын жогорулатуунун башка механизмдерин (мисалы, кепилдиктерди) колдонуунун натыйжасында финансылык же финансылык эмес активдерди алса, ал активдер башка ФОЭСтер тарабынан белгиленген таануу критерийлерин канааттандырса, ишкана отчеттук күнгө карата абал боюнча кармалып турган мындай активдер боюнча төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) активдердин мүнөзүн жана баланстык наркын; жана

(b) эгерде активдер акча каражаттарына эркин айландырылбаган учурларда ишкананын мындай активдердин чыгып калуусу же өз ишмердүүлүгүндө аларды пайдалануу боюнча саясатын.

## Ликвиддүүлүк тобокелдиги

39 Ишкана төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) туунду эмес финансылык милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча талдоо (финансылык кепилдиктин чыгарылган келишимдерин кошо), ал отчеттук мезгилдин акырына карата калган төлөөнүн келишимдик мөөнөттөрүн көрсөтөт.

(b) туунду финансылык милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча талдоо. Төлөө мөөнөттөрү боюнча талдоо төлөөнүн келишимдик мөөнөттөрү акча каражаттарынын агымдарынын (B11B-пунктун караңыз) мөөнөтүн түшүнүү үчүн зарыл болгон олуттуу фактор болуп эсептелген мындай туунду финансылык милдеттенмелерди төлөөнүн калган келишимдик мөөнөттөрүн камтууга тийиш.

(c) ишкана (a) жана (b) пункттарында көрсөтүлгөн финансылык милдеттенмелерге мүнөздүү ликвиддүүлүк тобокелдигин кандайча башкараарын сыпаттоо.

## Рыноктук тобокелдик

*Сезгичтиктин талдоосу*

40 Ишкана 41-пункттун талаптарын канааттандырбаган учурларда ал төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ишкананын отчеттук мезгилдин акырына карата туш болчу рыноктук тобокелдиктердин ар бир түрүнө карата сезгичтигин талдоо, ушул күнгө карата акылга сыярлык ыктымалдуу тобокелдиктин деңгээли ошого жараша болгон тийиштүү өзгөрүлмөнүн өзгөрүшүнүн ишкананын пайдасына же зыянына жана капиталына кандай таасир тийгизиши мүмкүн болгондугун чагылдыруу менен;

(b) сезгичтиктин талдоосун даярдоодо пайдаланылган методдор жана божомолдор; жана

(c) пайдаланылган методдордун жана божомолдордун мурдагы мезгилге салыштырмалуу өзгөрүүлөрү жана мындай өзгөрүүлөрдүн себептери.

41 Эгерде ишкана сезгичтикти талдоону, мисалы, тобокелдиктин өзгөрүлмөлөрүнүн (мисалы, пайыздык ставкалар жана валюталардын алмашуу курстары) ортосундагы өз ара көз карандылыкты чагылдырган тобокелдиктерди нарктык баалоо методу боюнча даярдаса жана аны финансылык тобокелдиктерди башкарууда пайдаланса, анда ал мындай сезгичтикти талдоону 40-пунктта көрсөтүлгөн талдоонун ордуна пайдаланса болот. Ишкана ошондой эле төмөндөгүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) сезгичтиктин мындай талдоосун даярдоодо пайдаланылган методду, ошондой эле көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде турган негизги параметрлерди жана жол берүүлөрдү түшүндүрүү; жана

(b) пайдаланылган методдун жана чектөөлөрдүн максаттарын түшүндүрүү, алардын айынан маалымат тийиштүү активдердин жана милдеттенмелердин адилет наркын толук чагылдыра албай калышы мүмкүн.

*Рыноктук тобокелдик тууралуу башка маалыматтарды ачып көрсөтүү*

42 40 же 41-пункттарга ылайык сезгичтиктин талдоосу финансылык инструментке (мисалы, анткени жылдын акырына карата тобокелдик тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү ишкананын жыл ичинде тобокелдиктерге туш келишин чагылдырбайт) мүнөздүү тобокелдик тууралуу туура түшүнүк бербегенде ишкана ошол фактыны жана бул сезгичтиктин талдоосу алардын пикири боюнча тобокелдикдер тууралуу туура түшүнүк бербегендигинин себептерин ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Финансылык активдерди өткөрүп берүүлөр

42A Финансылык активдерди өткөрүп берүүгө тийиштүү маалыматты ачып көрсөтүүгө карата 42B - 42H-пункттарында айтылган талаптар ушул ФОЭСте камтылган маалыматты ачып көрсөтүү боюнча башка талаптарды толуктайт. Ишкана 42B - 42H-пункттарында талап кылынган ачып көрсөтүүлөрдү өзүнүн финансылык отчеттуулугунда өзүнчө эскертүүлөр менен көрсөтүүгө тийиш. Ишкана аларды таануу токтотулбаган өткөрүлүп берилген бардык финансылык активдер боюнча, ошондой эле активди өткөрүп берүү боюнча тийиштүү операция качан өткөрүлгөндүгүнө карабастан, отчеттук күнгө карата иштеп жаткан өткөрүлүп берилген активге улантылып жаткан кандай болбосун катышуусун талап кылынган ачып көрсөтүүлөрдө берүүгө тийиш. 42B - 42H-пункттарында көрсөтүлгөн маалыматтарды ачып көрсөтүүгө карата талаптарды колдонуу максаттары үчүн ишкана төмөндөгү учурларда гана финансылык активди толугу менен же бөлүгүн өткөрүп берет, эгерде:

(a) бул финансылык активден акча каражаттарынын агымын алууга келишимдик укуктарды өткөрүп берет; же

(b) бул финансылык активден акча каражаттарынын агымын алууга келишимдик укуктарды сактап калат, бирок өзүнө бул акча каражаттарынын агымын макулдашуу боюнча бир же бир нече алуучуларга төлөп берүү боюнча келишимдик милдеттенмени өз мойнуна алат.

42B Ишкана финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына төмөндөгүлөргө мүмкүнчүлүк берген маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү:

(a) таануусу толук токтотулбаган өткөрүлүп берилген финансылык активдер менен тийиштүү милдеттенмелердин ортосундагы мамилелерди түшүнүү; ошондой эле

(b) таануусу токтотулган финансылык активдерге улантылып жаткан кандай болбосун катышуусунун мүнөзүн, ошондой эле аларга байланыштуу тобокелдиктерди баалоо.

42C 42B - 42H-пункттарында көрсөтүлгөн маалыматтарды ачып көрсөтүүгө талаптарды колдонуу максаттары үчүн ишкана өткөрүлүп берилген финансылык активдерге катышуусун улантат, эгерде өткөрүп берүүнүн алкагында ишкана өткөрүлүп берилген финансылык активдерге мүнөздүү келишимдик кандай болбосун укуктарды же милдеттенмелерди сактап калса, же өткөрүлүп берилген финансылык активдерге тийиштүү келишимдик кандай болбосун жаңы укуктарды же милдеттенмелерди алса. 42B - 42H-пункттарында көрсөтүлгөн маалыматтарды ачып көрсөтүүгө талаптарды колдонуу максаттары үчүн төмөндөгү инструменттер улантылып жаткан катышуусуна тийиштүү эмес:

(a) алдамчылык менен өткөрүп берүүгө жана негиздүүлүк түшүнүгү, чынчыл ниети жана операцияны ак ниеттүү жүргүзүүгө карата жөнөкөй арыздар жана кепилдиктер соттук териштирүүнүн жыйынтыгында активди өткөрүп берүү боюнча операцияны таанууга алып келиши мүмкүн.

(b) келишимдик баасы (же аткаруу баасы) өткөрүлүп берилген финансылык активдин адилет наркы болуп эсептелген форварддык келишимдер, опциондук келишимдер жана өткөрүлүп берилген финансылык активди кайра сатып алууга келишимдер; же

(c) бул макулдашуунун шарттары боюнча ишкана бул финансылык активден акча каражаттарынын агымын алууга келишимдик укуктарды сактап калат, бирок бул акча каражаттарынын агымын макулдашуу боюнча бир же бир нече алуучуларга төлөп берүү боюнча келишимдик милдеттенмени өз мойнуна алат жана ФОЭС (IFRS) 9дун 3.2.5(a) - (c)-пунктунун шарттары аткарылат.

## Аларды таануу жалпысынан токтотулбаган өткөрүлүп берилген финансылык активдер

42D Ишкана финансылык активдерди өткөрүп берүүнү ишке ашырганда, өткөрүп берилген финансылык активдердин бир бөлүгү же толугу менен таанууну токтотуу критерийлерин канаттандырбашы мүмкүн. 42B(a)-пунктунда айтылган талаптарга жооп берүү үчүн ишкана ар бир отчеттук күнгө карата өткөрүп берилген финансылык активдердин ар бир классы боюнча таануу жалпысынан токтотулбаган төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) өткөрүп берилген активдердин мүнөзү;

(b) активдерге ээлик кылууга байланыштуу ишкана али туш келчү тобокелдиктердин жана пайдалардын мүнөзү;

(c) өткөрүп берилген активдердин жана байланыштуу милдеттенмелердин ортосундагы мамилелердин мүнөзүн сыпаттоо, активдерди өткөрүп берүүнүн натыйжасында келип чыккан отчет берүүчү ишкананын өткөрүп берилген активдерди пайдаланышына чектөөнү кошо алганда;

(d) байланыштуу милдеттенмелер боюнча контрагент (контрагенттер) өткөрүп берилген активдерге гана талапкерлик кылганда таблица көрсөтүүгө тийиш, анда өткөрүп берилген активдердин адилет наркы, аларга байланыштуу милдеттенмелердин адилет наркы жана нетто-позиция (өткөрүп берилген активдердин адилет наркы менен аларга байланыштуу милдеттенмелердин ортосундагы айырма ) көрсөтүлөт.

(e) ишкана тийиштүү бардык активдерди тааныгандыгын уланта берсе, мындай активдердин жана аларга байланыштуу милдеттенмелердин баланстык наркы;

(f) ишкана тааныгандыгын улантып жаткан тийиштүү активдердин өткөрүп бергенге чейинки баштапкы жалпы баланстык наркын жана эгерде ишкана бул активдин өзү

катышкан бөлүгүн (ФОЭС (IFRS) 9дун 3.2.6(c)(ii) жана 3.2.16-пункттарын караңыз) тааныгандыгын уланта берсе, аларга байланыштуу милдеттенмелердин баланстык наркын.

## Аларды таануу жалпысынан токтотулган өткөрүп берилген финансылык активдер

42E 42B(b)-пунктунда айтылган талаптарга жооп берүү үчүн ишкана өткөрүп берилген финансылык активдерди таанууну жалпысынан токтоткондо (ФОЭС (IFRS) 9дун 3.2.6(a) жана (c)(i)-пункттарын кара), бирок аларга катышуусун улантып жатканда, катышуусун улантып жаткан ар бир түр боюнча ар бир отчеттук күнгө эң кур дегенде төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ишкананын финансылык абалы тууралуу отчетунда таанылган жана таануу токтотулган финансылык активдерде ишкананын улантылып жаткан катышуусун чагылдырган активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркын, ошондой эле бул активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркы таанылган отчеттуулуктун беренелерин;

(b) таануу токтотулган финансылык активдерде ишкананын улантылып жаткан катышуусун чагылдырган активдердин жана милдеттенмелердин адилет наркын;

(c) таануу токтотулган финансылык активдерге улантылып жаткан катышуусунан улам ишкананын зыяндарга максималдуу туш келүү деңгээлин баарынан мыкты чагылдырган сумманы жана ишкананын зыяндарга максималдуу туш келүү деңгээли кандайча аныкталаары тууралуу маалыматты;

(d) таануу токтотулган (мисалы, опциондук макулдашуудагы аткаруу баасы) финансылык активдерди сатып алуу үчүн керектелчү же керектелиши мүмкүн болгон акча каражаттарынын агымдарынын дисконттолбогон чыгып калуусу же алуучуга өткөрүп берилген активдерге тийиштүү төлөнүп бериле турган башка суммалар. Эгерде акча каражаттарынын чыгуу көлөмү өзгөрмөлүү болсо, анда сумма ар бир отчеттук күнгө карата коюлган шарттарга жараша ачып көрсөтүлүүгө тийиш;

(e) таануу токтотулган финансылык активдерди сатып алуу үчүн керектелчү же керектелиши мүмкүн болгон акча каражаттарынын агымдарынын дисконттолбогон чыгып калууларынын же бул активдерде ишкананын улантылып жаткан катышуусунун келишимдик мөөнөтү канча калгандыгын көрсөтүү менен, алуучуга өткөрүп берилген активдерге тийиштүү төлөп бериле турган башка суммалардын мөөнөттөрүн талдоо;

(f) (a) - (e) пункттарына ылайык сандык мүнөздөгү маалыматты ачып көрсөтүүнү түшүндүргөн жана ырастаган сапаттык мүнөздөгү маалыматты.

42F Эгерде таануу токтотулган финансылык активдерде ишкананын бир нече типтеги улантылып жаткан катышуусу болсо, ишкана аныкталган активке тийиштүү 42E-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон маалыматты агрегациялап, аны улантылып жаткан катышуусунун бир тиби катары көрсөтө алат.

42G Андан тышкары ишкана улантылып жаткан катышуусунун ар бир тиби боюнча төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) активдер өткөрүп берилген күнгө карата таанылган пайданы же зыянды;

(b) отчеттук мезгилде таанылган дагы, таануусу токтотулган (мисалы, туунду инструменттердин адилет наркынын өзгөрүшү) дагы финансылык активдерде ишкананын улантылып жаткан катышуусу боюнча жыйынтыкталган кирешелерди жана чыгашаларды;

(c) эгерде отчеттук мезгилде активдерди өткөрүп берүү (таануусу токтотулган критерийлерди канааттандырган) операциясынан келип түшүүлөрдүн жалпы суммасы отчеттук мезгилде бир кылка бөлүштүрүлбөсө (мисалы, активдерди өткөрүп берүү боюнча операциянын жалпы көлөмүнүн олуттуу бөлүгү отчеттук мезгилдин акыркы күндөрүнө туш келсе):

(i) отчеттук мезгилде активдерди өткөрүп берүү боюнча эң ири операция орун алганда (мисалы, отчеттук мезгилдин аяктаарына чейинки акыркы беш күн);

(ii) отчеттук мезгилдин көрсөтүлгөн бөлүгүндө активдерди өткөрүп берүү боюнча операцияга карата таанылган сумманы (мисалы,тийиштүү пайданы же зыянды); жана

(iii) отчеттук мезгилдин көрсөтүлгөн бөлүгүндө активдерди өткөрүп берүү боюнча операциядан келип түшүүлөрдүн жалпы суммасы.

Ишкана жыйынды киреше жөнүндө отчет берилген ар бир мезгил боюнча бул маалыматтарды берүүгө тийиш.

### Кошумча маалымат

42H Ишкана 42B-пунктунда жазылган маалыматтарды ачып көрсөтүү максаттарын аткаруу үчүн өзү керектүү деп эсептеген кандай болбосун кошумча маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

## ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонуу

42I ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонуу күнүн камтыган отчеттук мезгилде ишкана алгачкы колдонуу күнүнө карата финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин ар бир классы боюнча төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ФОЭС (IAS) 39га ылайык же ФОЭС (IFRS) 9дун мурдагы версиясына ылайык (эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууга карата тандап алган ыкма түрдүү талаптарды баштапкы колдонуунун бирден ашык датасын болжолдосо) аныкталган баалоонун жана баланстык нарктын баштапкы категориясын;

(b) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык аныкталган баалоонун жана баланстык нарктын жаңы категориясын;

(c) пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган адилет нарк боюнча бааланган катары аныкталган, бирок мындан ары мындай деп эсептелбеген финансылык абал жөнүндө отчетто кандай болбосун финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин суммасын, ФОЭС (IFRS) 9га ылайык ишканадан кайра классификациялоону талап кылгандарды жана ишкана алгачкы колдонуу күнүнө карата кайра классификациялоону чечкендерди өзүнчө бөлүү менен.

ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.2-пунктуна ылайык, ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу үчүн тандап алган ыкмага жараша өткөрүп берүү алгачкы колдонуунун бирден көп датасын камтышы мүмкүн. Демек, бул пункт алгачкы колдонуунун бирден көп датасына карата маалыматты ачып көрсөтүүгө алып келиши мүмкүн. Эгерде башка формат ыңгайлуу болбосо, ишкана сандык маалыматты таблицада ачып көрсөтүүгө тийиш.

42J ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонуу күнүн камтыган отчеттук мезгилде ишкана пайдалануучулар төмөндөгүлөрдү түшүнүшү үчүн сапаттык мүнөздөгү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуунун натыйжасында классификациясы өзгөргөн финансылык активдерге карата ФОЭС (IFRS) 9дун классификациялык талаптарын кандайча колдонгондугун;

(b) алгачкы колдонуу күнүнө карата пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди кандай болбосун классификациялоонун же классификациялоону жокко чыгаруунун себептерин.

ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.2-пунктуна ылайык ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу үчүн тандап алган ыкмага жараша өткөрүп берүү баштапкы колдонуунун бирден көп датасын камтышы мүмкүн. Демек, бул пункт баштапкы колдонуунун бирден көп датасына карата маалыматты ачып көрсөтүүгө алып келиши мүмкүн.

42K Ишкана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык классификациялоого жана финансылык активдерди баалоого карата талаптарды алгачкы колдонгон отчеттук мезгилде (б.а. ишкана финансылык активдер үчүн ФОЭС (IAS) 39дан ФОЭС (IFRS) 9га өткөндө), ал ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.15-пунктунун талаптарына ылайык ушул ФОЭСтин 42L – 42O-пункттарында айтылган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

42L Эгерде бул 42K-пункту менен талап кылынса, ишкана алгачкы колдонуу күнүнө карата төмөндөгүлөрдү өзүнчө көрсөтүп, финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин классификациясы өзгөргөндүгүн ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ФОЭС (IAS) 39га ылайык алардын баалоо категорияларынын негизинде баланстык наркынын өзгөрүшүн (б.а. ФОЭС (IFRS) 9га өткөндө баалоонун атрибуту өзгөрүшүнүн натыйжасы болуп эсептелбеген); жана

(b) ФОЭС (IFRS) 9га өткөндө баалоонун атрибуту өзгөрүшүнүн натыйжасында пайда болгон баланстык нарктын өзгөрүшүн.

Бул пунктта маалыматты ачып көрсөтүү сөзсүз түрдө классификациялоого жана финансылык активдерди баалоого карата ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын алгачкы колдонгон жылдык отчеттук мезгил аяктагандан кийин ишке ашырылууга тийиш эмес.

42M Муну 42K-пункту талап кылганда, ишкана амортизацияланган наркы менен баалангыдай кайра классификацияланган финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер тууралуу жана пайда же зыян аркылуу адилет наркы менен баалангыдай кайра классификацияланган финансылык активдер тууралуу төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш, анткени алар ФОЭС (IFRS) 9га өтүүнүн натыйжасында башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы менен бааланат:

(a) отчеттук мезгилдин акырына карата финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин адилет наркы; жана

(b) эгерде финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер кайра классификацияланбаса, отчеттук мезгилдин ичинде пайданын же зыяндын курамында же башка жыйынды кирешенин курамында адилет наркы боюнча таанылган пайда же зыян.

Бул пунктта маалыматты ачып көрсөтүү сөзсүз эле ишкана финансылык активдерди классификациялоодо жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын алгачкы колдонгон жылдык отчеттук мезгил аяктаганда жүргүзүлүүгө тийиш эмес.

42N Эгерде муну 42K-пункт талап кылса, ФОЭС (IFRS) 9га өтүүнүн натыйжасында пайда же зыян аркылуу адилет нарк категориясынан кайра классификацияланган финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге тийиштүү ишкана төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) алгачкы колдонуу күнүнө карата аныкталган натыйжалуу пайыздык ставканы; жана

(b) таанылган пайыздык кирешеледи же чыгашаларды.

Эгерде ишкана финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин адилет наркын алгачкы колдонуу күнүнө карата (ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.11-пунктун караңыз), жаңы дүң баланстык нарк катары эсепке алса, бул пунктта маалыматты ачып көрсөтүү таануу токтотулганга чейин ар бир отчеттук мезгил үчүн жасалууга тийиш. Болбосо бул пунктта финансылык активдерди классификациялоодо жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын алгачкы колдонгон жылдык отчеттук мезгил аяктаганда маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынбайт.

42O Ишкана 42K – 42N-пункттарында айтылган маалыматты ачып көрсөтүүнү ишке ашырганда мындай маалыматты ачып көрсөтүү жана ушул ФОЭСтин 25-пунктунда маалыматты ачып көрсөтүү төмөндөгүлөрдүн ортосунда салыштырып текшерүүгө уруксат берүүгө тийиш:

алгачкы колдонуу күнүнө карата:

(a) ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык көрсөтүлгөн баалоо категорияларынын; жана

(b) финансылык инструменттин классынын.

42P ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5-бөлүмүн алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана ФОЭС (IAS) 39га ылайык баалоо резервдерин нарктын түшүшүнө жана ФОЭС (IAS) 37ге ылайык баалоо резервдерин ФОЭС (IFRS) 9га ылайык аныкталган мезгилдин башталышындагы зыяндарга каралган баалоо резервдери менен салыштырып текшерүүгө мүмкүнчүлүк бергидей маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Финансылык активдер үчүн мындай маалыматтарды ачып көрсөтүү ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык финансылык активдерди баалоонун тиешелүү категориялары боюнча ишке ашырылууга тийиш жана бул күнгө карата зыянга каралган баалоо резервине карата баалоо категориясындагы өзгөрүүлөргө таасири өзүнчө чагылдырылышы керек.

42Q ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонгон күндү камтыган отчеттук мезгилде ишкана классификациялоо жана баалоо талаптарына (ФОЭС (IFRS) 9дун 5.4 жана 5.5-бөлүмдөрүндө финансылык активдерди амортизацияланган наркы боюнча баалоого жана нарктын түшүшүнө тийиштүү талаптарды кошо алганда) ылайык отчеттуулукта чагылдырыла турган беренелердин суммаларын ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес:

(a) мурдагы мезгилдер үчүн ФОЭС (IFRS) 9; жана

(b) учурдагы мезгил үчүн ФОЭС (IAS) 39.

42R ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.4-пунктуна ылайык, эгерде ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонгон күнгө карата ишкана финансылык активди баштапкы таанууда орун алган фактылардын жана жагдайлардын негизинде ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.9B – B4.1.9D-пункттарына ылайык акчалардын убакыт ичиндеги наркынын модификацияланган элементин баалоо практикада мүмкүн эмес болсо (ФОЭС (IAS) 8деги аныктамага ылайык), ишкана бул финансылык активдин келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүн баалоого тийиш, мында акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементинин модификациясы жагынан ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.9B – B4.1.9D-пункттарынын талаптары эске алынбайт. Ишкана акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементинин модификациясына карата ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.9B – B4.1.9D-пункттарындагы талаптарды эсепке албастан, мүнөздөмөлөрү акча каражаттарынын агымынын келишиминде каралган финансылык активди баштапкы таанууда орун алган фактылардын жана жагдайлардын негизинде бааланган, бул активдерди таануу токтотулганга чейин, отчеттук күнгө карата абал боюнча финансылык активдердин баланстык наркын ачып көрсөтүүгө тийиш.

42S ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.5-пунктуна ылайык, эгерде алгачкы колдонгон күнгө карата ишкана үчүн баштапкы таануудагы орун алган фактылардын жана жагдайлардын негизинде ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.12(c)-пункттарына ылайык алдын ала төлөө функциясынын адилет наркы олуттуу болбогондугун баалоо практикада мүмкүн эмес болсо (ФОЭС (IAS) 8деги аныктамага

ылайык), ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.12-пунктундагы мөөнөтүнөн мурда төлөө шарттары үчүн берилген өзгөчөлүктү эске албастан, бул финансылык активден келишимде каралган акча агымдарынын мүнөздөмөлөрүн финансылык активди баштапкы таанудагы орун алган фактылардын жана жагдайлардын негизинде баалоого тийиш. Ишкана бул финансылык активдерди таануу токтотулганга чейин ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.12-пунктундагы мөөнөтүнөн мурда төлөө шарттары үчүн берилген өзгөчөлүктү эсепке албастан, финансылык активдерди алардын акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрү баштапкы таанууда орун алган фактылардын жана жагдайлардын негизинде бааланган финансылык активдердин отчеттук күнгө карата баланстык наркын ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

43 Ишкана бул ФОЭС 2007-жылдын 1-январынан же андан кийинки күндөн башталган отчеттук мезгилдерге колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул ФОЭСти алда канча эрте мезгилдерге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

44 Эгерде ишкана ушул ФОЭСти 2006-жылдын 1-январына чейинки жылдык мезгилге карата колдонсо, анда ал 31 – 42-пункттарга ылайык талап кылынган ачып көрсөтүүлөрдү салыштыруу үчүн финансылык инструменттерге байланыштуу тобокелдиктердин мүнөзү жана өлчөмү тууралуу маалыматтарды берүүгө тийиш эмес.

44A ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (ФОЭС) пайдаланган терминологияга түзөтүүлөрдү киргизген. Мындан тышкары, бул стандарт В тиркемесинин 20, 21, 23(c) жана (d), 27(c) жана B5-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, көрсөтүлгөн түзөтүүлөр дагы мына ошол алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

44B ФОЭС (IFRS) 3 (2008-жылы кайра каралган) 3(c)-пунктун алып салууга алып келген. Ишкана бул түзөтүүнү 2009-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата пайдаланууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 3тү (2008-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, көрсөтүлгөн түзөтүүлөр дагы мына ошол алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш. Бирок, түзөтүү бизнести бириктирүүнүн натыйжасында пайда болгон, ал боюнча сатып алуу күнү ФОЭС (IAS) 3тү (2008-жылы кайра каралган) колдонуу күнүнөн мурда болгон шарттуу ордун толтурууга карата колдонулбайт. Анын ордуна ишкана ФОЭС (IFRS) 3түн (2010-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 65A - 65E-пункттарына ылайык мындай ордун толтурууну эсепке алууда чагылдырууга тийиш.

44C Ишкана 3-пунктта камтылган түзөтүүнү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана 2008-жылдын февралында чыгарылган *«Кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер жана жоюу учурунда келип чыккан милдеттенмелер»* (ФОЭС (IAS) 32ге жана ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) басылмасын алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, 3-пункттагы түзөтүү мына ошол алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

44D 3(a)-пунктуна 2008-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртууга»* ылайык түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүнү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган мезгилдерге карата пайдаланууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө жана мындай алда канча эрте мезгилге карата 2008-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IAS) 28дин 1-пунктундагы, ФОЭС (IAS) 31дин 1-пунктундагы жана ФОЭС (IAS) 32нин 4-пунктундагы түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Ишкана түзөтүүнү перспективдүү негизде колдоно алат.

44E [Алып салынган]

44F [Алып салынган]

44G 2009-жылдын март айында чыгарылган *«Финансылык инструменттер жөнүндө ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматты жакшыртуу"* (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) басылмасы 27, 39 жана B11-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди жана 27A, 27B, B10A жана B11A - B11F-пункттарын кошумчалады. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Ишканага түзөтүүлөр талап кылган төмөндөгүлөргө карата маалыматты ачып көрсөтүүнүн зарылчылыгы жок:

(a) 2009-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө аяктаган жылдык салыштырмалуу мезгилдин алкагында көрсөтүлгөн финансылык абал жөнүндө кандай болбосун отчетту камтыган жылдык же аралык мезгилге, же

(b) эң эрте салыштырмалуу мезгилдин башталышына дагы, 2009-жылдын 31-декабрына чейинки күнгө карата дагы финансылык абал жөнүндө кандай болбосун отчетту.

Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата пайдаланса, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.[1]

44H–44J [Алып салынган]

44K 2010-жылдын май айында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы тарабынан 44B-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүнү 2010-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата пайдаланууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет.

44L 2010-жылдын май айында чыгарылган "*ФОЭСтерди жакшыртууда"* 32A-пункту кошулган, 34 жана 36 – 38-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүнү 2011-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүнү алда канча эрте мезгилдерге карата пайдаланса, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

44M 2010-жылдын октябрь айында чыгарылган *«Маалыматты ачып көрсөтүү – финансылык активдерди өткөрүп берүү»* (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) документи менен 13-пункт алып салынган жана 42A - 42H жана B29 - B39-пункттар кошулган. Ишкана бул түзөтүүнү 2011-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата пайдаланууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөргө ылайык талап кылынган маалыматты түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнүнө чейин башталган кайсы бир көрсөтүлгөн мезгилге карата ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес.

44N [Алып салынган]

44O 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10 жана *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11 3-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 11ди колдонгондо бул түзөтүүлөрдү кошо колдонууга тийиш.

44P 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 3, 28, 29, B4 жана B26-пункттарга, A тиркемесине түзөтүүлөрдү киргизди жана 27 - 27B-пункттарын алып салды. Ишкана ФОЭС (IFRS) 13тү колдонгондо бул түзөтүүлөрдү кошо колдонууга тийиш.

---

[1] 2010-жылдын январында "ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканалар үчүн ФОЭС (IFRS) 7ге ылайык салыштырмалуу маалыматты ачып көрсөтүүдөн чектелген бошотуу» (ФОЭС (IFRS) 1ге түзөтүү) документин чыгаруунун натыйжасында 44G-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген. Кеңеш «Финансылык инструменттер жөнүндө ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматты жакшыртуу" (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) документи тарабынан каралган өткөөл жоболорго карата өзүнүн тыянактарын жана ниетин билдирүү үчүн 44G-пунктуна өзгөртүүлөрдү киргизди.

© ФОЭС Фонду

44Q 2011-жылдын июнь айында чыгарылган *«Башка жыйынды кирешенин беренелерин көрсөтүү»* (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) документи 27В-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 1ди колдонгондо 2011-жылдын июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен, колдонуудагы редакциясында колдонууга тийиш.

44R 2011-жылдын декабрында жарыяланган *"Маалыматты ачып көрсөтүү – финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү* (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр)" документи 13А - 13F жана В40 - В53-пункттарын кошту. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2013-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Ишкана бул түзөтүүлөрдө каралган маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды ретроспективдүү колдонууга тийиш.

44S–44W [Алып салынган]

44X 2012-жылдын октябрында чыгарылган "*Инвестициялык ишканалар* (ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр)" документи 3-пунктка түзөтүү киргизди. Ишкана бул түзөтүүнү 2014-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. *"Инвестициялык ишканалар"* документин мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүнү мөөнөтүнөн мурда колдонсо, ал *"Инвестициялык ишканалар"* документинин курамына киргизилген бардык түзөтүүлөрдү бир убакта колдонууга тийиш.

44Y [Алып салынган]

44Z 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 2–5, 8–11, 14, 20, 28–30, 36, 42С – 42Е-пункттарына, А тиркемесине жана В1, В5, В9, В10, В22 жана В27-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди, 12, 12А, 16, 22–24, 37, 44Е, 44F, 44Н – 44J, 44N, 44S – 44W, 44Y, В4- пункттары жана D тиркемеси алып салынды жана 5А, 10А, 11А, 11В, 12В – 12D, 16А, 20А, 21А – 21D, 22А – 22С, 23А – 23F, 24А – 24G, 35А – 35N, 42I – 42S, 44ZA жана В8А – В8J-пункттары кошулду. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонгондо бул түзөтүүлөрдү кошо колдонууга тийиш. Бул түзөтүүлөр ФОЭС (IFRS) 9 алгачкы колдонулган күнгө чейинки мезгилде көрсөтүлгөн салыштырмалуу маалыматка карата колдонулбайт.

44ZA ФОЭС (IFRS) 9дун 7.1.2-пунктуна ылайык 2018-жылдын 1-январына чейинки жылдык отчеттук мезгилдер үчүн ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун башка талаптарын колдонбостон, ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.1 (с), 5.7.7–5.7.9, 7.2.14 жана В5.7.5 – В5.7.20-пункттарында пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары аныкталган финансылык милдеттенмелер боюнча пайдаларды же зыяндарды көрсөтүүгө талаптарды гана мөөнөтүнөн мурда колдонуу тууралуу чечим кабыл алышы мүмкүн. Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун ушул гана пунктун колдонууну чечсе, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш жана туруктуу негизде бул ФОЭСтин (ФОЭС (IFRS) 9га (2010) киргизилген түзөтүүлөр менен) 10-11-пункттарында баяндалган тийиштүү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

44АА 2014-жылдын сентябрь айында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2012–2014 жж. аралыгы»* 44R жана В30-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди жана В30А-пунктун кошту. Ишкана бул түзөтүүлөрдү *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык 2016-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге, ишканага В30 жана В30А-пункттарына түзөтүүлөрдү колдонуунун кереги жоктугун кошпогондо, аларга карата ишкана бул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонгон жылдык мезгил башталганга чейинки кандай болбосун көрсөтүлгөн мезгил үчүн ретроспективдүү колдонууга тийиш. 44R, В30 жана В30А-пункттарына түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилдерге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

44ВВ 2014-жылдын декабрь айында чыгарылган *«Маалыматты ачып көрсөтүү чөйрөсүндөгү демилге»* (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) 21 жана В5-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2016-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган

© ФОЭС Фонду

жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Бул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет.

44CC 2016-жылдын январь айында чыгарылган *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16 29 жана B11D-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 16ны колдонгондо бул түзөтүүлөрдү кошо колдонууга тийиш.

44DD *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тийиштүү, мына ошондуктан бул басылмага киргизилген жок.]*

44DE 2019-жылдын сентябрь айында чыгарылган, ФОЭС (IFRS) 9га, ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөрдү киргизген *"Базалык пайыздык ставканын реформасы"* документи 24H жана 44DF-пункттарын кошту. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9га же ФОЭС (IAS) 39га түзөтүүлөрдү колдонгондо бул түзөтүүлөрдү кошо колдонууга тийиш.

44DF Ишкана 2019-жылдын сентябрь айында чыгарылган "Базалык пайыздык ставканын реформасы" документин алгачкы колдонгон отчеттук мезгилде ишкана «Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар» ФОЭС (IAS) 8дин 28(f)-пункту талап кылган сандык маалыматты көрсөтүүгө милдеттүү эмес.

## ФОЭС (IAS) 30дун колдонулушун токтотуу

45 Ушул ФОЭС «*Банктардын жана окшош финансылык мекемелердин финансылык отчеттуулугунда маалыматтарды ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IAS) 30ду алмаштырат.

## А тиркемеси

## Терминдердин аныктамасы

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **Кредиттик тобокелдик** | Финансылык инструмент боюнча тараптардын бири милдеттенмелерди аткарбай коюудан улам башка тарап үчүн финансылык зыяндарды пайда кылат деген тобокелдик. |
| **Кредиттик тобокелдик рейтингинин деңгээлдери** | Финансылык инструмент боюнча дефолттун келип чыгуу тобокелдигине негизделген кредиттик тобокелдиктин рейтинги. |
| **валюталык тобокелдик** | Финансылык инструменттин адилет наркы же ал боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдары валюталык курстардын өзгөрүшүнөн улам өзгөрөт деген тобокелдик. |
| **Пайыздык тобокелдик** | Финансылык инструменттер боюнча адилет нарк же келечектеги акча каражаттарынын агымы рыноктук пайыздык ставкалардын өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөрүлүп туруу тобокелдиги. |
| **Ликвидддүүлүк тобокелдиги** | Алар боюнча эсептешүү акча каражаттары же башка финансылык активдер менен жүргүзүлүү болжолдонгон финансылык милдеттенмелерине байланыштуу милдеттерин аткарууда ишканада кыйынчылыктар пайда болот деген тобокелдик. |
| **Зайымдар боюнча кредитордук карыз** | Зайымдар боюнча кредитордук карыз кредит берүүнүн демейки шарттарындагы кыска мөөнөттүү соода боюнча кредитордук карыздан башка финансылык милдеттенмелерди билдирет. |
| **рыноктук тобокелдик** | Финансылык инструменттин адилет наркы же ал боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдары рыноктук баалардын өзгөрүшүнөн улам өзгөрөт деген тобокелдик. Рыноктук тобокелдик тобокелдиктин төмөнкүдөй үч түрүн камтыйт: **валюталык тобокелдик, пайыздык тобокелдик** жана башка **баа тобокелдиги**. |
| **Башка баа тобокелдиги** | Финансылык инструменттин адилет наркы же ал боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдары рыноктук баалардын өзгөрүшүнөн улам (буга **пайыздык тобокелдик** же **валюталык тобокелдик** менен байланышкандар кирбейт), бул өзгөрүүлөр конкреттүү финансылык инструмент же анын эмитенти үчүн мүнөздүү болгон факторлордон же рынокто жүгүртүлүп жаткан бардык ушундай финансылык инструменттерге таасир эткен факторлордон келип чыкканына же чыкпаганына карабастан, өзгөрүп туруу тобокелдиги. |

Төмөндөгү терминдер ФОЭС (IAS) 32нин 11-пунктунда, ФОЭС (IAS) 39дун 9-пунктунда же ФОЭС (IFRS) 9дун А тиркемесинде аныкталган жана ушул ФОЭСте ФОЭС (IAS) 32де, ФОЭС (IAS) 39да жана ФОЭС (IFRS) 9да көрсөтүлгөн маанилеринде пайдаланылат:

- финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркы
- келишим боюнча актив
- кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер
- таанууну токтотуу
- туунду инструмент
- дивиденддер
- натыйжалуу пайыздык ставка методу
- үлүштүк инструмент
- күтүлгөн кредиттик чыгымдар
- адилет нарк
- финансылык актив
- финансылык кепилдик келишими
- финанылык инструмент
- финансылык милдеттенме
- пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык милдеттенме
- операциянын болжому
- финансылык активдин дүң баланстык наркы
- хеджирлөө инструменти
- соодага арналган
- нарктын түшүшүнөн пайда же зыян
- зыянга каралган баалоо резерви
- мөөнөтү өткөн
- сатылып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер
- кайра классификациялоо күнү
- стандарттык шарттарда сатып алуу же сатуу

# В тиркемеси

## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

## Финансылык инструменттердин класстары жана маалыматты ачып көрсөтүүнүн деңгээли (6-пункт)

B1 6-пункт ишкана финансылык инструменттерди ачып көрсөтүүлүчү маалыматтын мүнөзүнө ылайык жана финансылык инструменттердин мүнөздөмөлөрүн эсепке алуу менен, класстары боюнча топтоштурууну талап кылат. Ишкана 6-пунктта сыпатталган финансылык инструменттердин класстарын өз алдынча аныктайт. Мына ошентип, финансылык инструменттердин мындай класстары ФОЭС (IFRS) 9 стандартында (ал финансылык инструменттерди баалоо кандайча жүргүзүлөөрүн жана адилет нарктын өзгөрүшү кайсы жерде чагылдыраарын аныктайт) көрсөтүлгөн финансылык инструменттердин категорияларынан айырмаланат.

B2 Финансылык инструменттердин класстарын аныктоодо ишкана жок дегенде төмөндөгүлөргө милдеттүү:

(a) амортизацияланган наркы боюнча бааланган инструменттер менен адилет наркы боюнча бааланган инструменттердин ортосунда айырма жүргүзүүгө;

(b) ушул ФОЭСтин колдонуу чөйрөсүнө кирбеген финансылык инструменттерди өзүнчө класс катары же өзүнчө класстар катары эске алууга.

B3 Өзүнүн жагдайларынын негизинде ишкана ушул ФОЭСтин талаптарына ылайык, көрсөтүлгөн маалымат канчалык толук болууга тийиш экендиги, талаптардын түрдүү аспектилерине канчалык чоң маани берүү керектиги жана түрдүү мүнөздөмөдөгү маалыматтарды бириктирбей туруп, жалпы абалды көрсөтүш үчүн маалыматтарды кантип бириктирүү керектиги тууралуу чечим кабыл алат. Финансылык отчеттуулукта финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары үчүн пайдасыз болуп калышы мүмкүн болгон ашыкча майда-чүйдөсүн көрсөтүү менен, ашыкча жалпылаштыруудан улам маанилүү маалымат жашырылып же так эмес көрсөтүлүп калышынын ортосунда балансты табуу зарыл. Мисалы, ишкана маалыматты көп сандагы маанисиз деталдардын арасына жайгаштыруу менен маанилүү маалыматты жашырууга тийиш эмес. Ушул сыяктуу эле, ишкана ушунчалык жалпы мүнөздөгү болгондуктан, өзүнчө операциялар менен жана аларга байланыштуу тобокелдиктердин ортосундагы маанилүү айырмачылыктарды көрүүгө мүмкүнчүлүк бербеген маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш эмес.

B4 [Алып салынган]

### Башка маалыматтарды ачып көрсөтүү – эсеп саясаты (21-пункт)

B5 21-пункт финансылык отчеттуулукту даярдоодо пайдаланылган баалоонун базаларын (базасын), ошондой эле финансылык отчеттуулукту түшүнүү үчүн жөндүү болгон эсеп саясатынын башка принциптерин ачып көрсөтүүнү талап кылат. Финансылык инструменттер үчүн мындай ачып көрсөтүү төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияланган финансылык милдеттенмелер боюнча:

(i) пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары ишкана тарабынан классификацияланган финансылык милдеттенмелердин мүнөзү;

(ii) мындай финансылык милдеттенмелерди ушул өңдүү классификациялоо үчүн баштапкы тааныгандагы критерийлер; жана

(iii) мындай классификациялоо үчүн ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 4.2.2-пункттарынын шарттарын кандай аткаргандыгы;

(aa) пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияланган финансылык активдер үчүн:

(i) пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары ишкана тарабынан классификацияланган финансылык активдердин мүнөзү; жана

(ii) ишкана мындай классификация үчүн ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.5-пункттун критерийлерин кандай аткаргандыгы;

(b) [Алып салынган]

(c) стандарттык шарттарда финансылык активдерди сатып алуулар жана сатуулар кайсы күнгө карата ишке ашырылат: бүтүм бекитилген күнгө каратабы же эсептешүү күнүнө каратабы (ФОЭС (IFRS) 9дун 3.1.2-пунктун караңыз);

(d) [Алып салынган]

(e) финансылык инструменттердин ар бир категориясы боюнча таза пайда же таза зыян кандайча аныкталат (20(а)-пунктун караңыз). Мисалы, пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган беренелер боюнча таза пайдалар же таза зыяндар пайыздык кирешелерди же дивиденддер түрүндөгү кирешелерди камтыйбы;

(f) [Алып салынган]

(g) [Алып салынган].

ФОЭС (IAS) 1дин (2007-жылы кайра каралган) 122-пункту дагы ишкана эсеп саясатынын негизги принциптери же башка эскертүүлөрү менен бирге кесипкөйлүк ой жүгүртүүлөр тууралуу (ишкананын эсеп саясатын колдонуу процессинде жетекчилик тарабынан айтылган жана финансылык отчеттуулукта чагылдырылган суммаларга олуттуу таасир тийгизген эсептик баалоолорго байланыштуу ой жүгүртүүлөрдөн тышкары) маалыматты ачып көрсөтүшүн талап кылат.

## Финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктердин мүнөзү жана өлчөмү (31 – 42-пункттар)

B6 31 – 42-пункттарга ылайык ачып көрсөтүлгөн маалыматтар финансылык отчеттуулуктун өзүндө камтылууга же финансылык отчеттуулукта жетекчиликтин комментарийи же тобокелдикдер тууралуу отчет сыяктуу финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына финансылык отчеттуулуктун өзү сыяктуу эле, ошол эле шарттарда жана ошол эле убакытта жеткиликтүү болгон башка отчетторго шилтеме жасалып көрсөтүлүүгө тийиш. Кайчылаш шилтемелер аркылуу киргизилген мындай маалыматсыз финансылык отчеттуулук толук болуп эсептелбейт.

### Маалыматты ачып көрсөтүү – сандык мүнөздөмөлөр (34-пункт)

B7 34(а)-пункту ишкана туш келчү тобокелдикдер тууралуу жыйынды сандык маалыматтарды ишкананын жетекчилигинин негизги мүчөлөрүнө көрсөтүлүүчү ички маалыматтардын негизинде ачып көрсөтүшүн талап кылат. Эгерде ишкана тобокелдиктерди башкаруунун бир нече методдорун пайдаланса, ишкана кыйла жөндүү жана ишенимдүү маалыматтарды берген

методду же методдорду пайдалануу менен маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Жөндүүлүк жана ишенимдүүлүк маселелери «*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8де каралган.

B8 34(с)-пункту тобокелдиктердин концентрациясы тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат. Тобокелдиктердин концентрациясы окшош мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана экономикалык же башка шарттардын өзгөрүүлөрүнө бирдей туш келген финансылык инструменттер боюнча пайда болот. Тобокелдиктердин концентрациясын аныктоодо ой жүгүртүүнү ишкананын жагдайын эске алуу менен колдонуу талап кылынат. Тобокелдиктердин концентрациясы тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

(a) жетекчилик концентрациянын болушун кантип аныктаарын сыпаттоо;

(b) ар бир концентрацияны айырмалаган концентрациянын конкреттүү жалпы мүнөздөмөсүн сыпаттоо (мисалы, контрагент, регион, валюта же рынок); жана

(c) бардык финансылык инструменттер боюнча бул мүнөздөмө менен бириктирилген тобокелдиктин суммасы.

### Кредиттик тобокелдикти башкаруу практикасы (35F – 35G-пункттары)

B8A 35F(b)-пункту түрдүү финансылык инструменттер үчүн дефолтту кантип аныктаарын жана мына ошол аныктоолорду тандоонун себептери тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.9-пунктуна ылайык бардык мөөнөт үчүн кутүлгөн кредиттик чыгымдарды баштапкы таануунун зарылдыгын аныктоо баштапкы таануу учурунан тартып дефолт тобокелдигинин көбөйүшүнө негизделген. Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына ишкана күтүлгөн кредиттик чыгымдарга карата ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын кандайча колдонгондугун түшүнүүгө көмөктөшкөн ишкана пайдаланган дефолттун аныктамасы тууралуу маалымат төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) дефолтту аныктоодо эске алынган сапаттык жана сандык факторлор;

(b) финансылык инструменттердин түрдүү типтерине түрдүү аныктамалар пайдаланылганбы; жана

(c) финансылык актив боюнча дефолт болуп өткөндөн кийин дефолт учурунда кайтаруу суммасынын көрсөткүчүнө карата божомолдор (б.а. жумушчу статусуна кайтарылган финансылык активдердин саны жөнүндө).

B8B Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына ишкананын кайра түзүмдөштүрүү жана модификациялоо саясатын баалоону түшүнүүгө көмөктөшүү үчүн 35F(f)(ii)-пункту ишкана мурда 35F(f)(i)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн, кийин ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.3-пунктуна ылайык бардык мөөнөт үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммага бааланган финансылык активдер боюнча зыянга каралган баалоо резервинин деңгээлине байкоо жүргүзгөндүгү тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Пайдалануучуларга модификацияланган финансылык активдердин кредиттик тобокелдигинин кийинки көбөйүшүн түшүнүүгө көмөктөшөт, модификацияланган финансылык активдер тууралуу 35F(f)(i)-пунктунун критерийлерине жооп берген, алар боюнча зыянга каралган баалоо резерви бардык мөөнөт үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарга (б.а. начарлоо ылдамдыгы боюнча) барабар суммадагы баалоого кайтып келген маалыматтарды камтышы мүмкүн.

B8C 35G(a)-пункту баштапкы маалыматтардын негизи жана божомолдор, ошондой эле ФОЭС (IFRS) 9га ылайык нарктын түшүү талаптарын колдонуу үчүн пайдаланылган баалоо ыкмалары тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Ишкананын күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн же баштапкы таанылган учурдан кредиттик тобокелдиктин көбөйүү деңгээлин аныктоодо пайдаланылган божомолдору жана баштапкы маалыматтары өткөн мезгилдеги ички маалыматтардан же рейтингдик отчеттордон алынган

маалыматтарды жана күтүлгөн финансылык инструменттердин кызмат кылуу мөөнөтү жана камсыздоону сатуу мөөнөтү тууралуу божомолдорду камтышы мүмкүн.

### Зыянга каралган баалоо резервинин өзгөртүүлөрү (35Н-пункту)

B8D 35Н-пунктуна ылайык ишкана мезгилдин ичинде зыянга каралган баалоо резервинин өзгөртүүлөрүнүн себептерин түшүндүрүүгө тийиш. Зыянга каралган баалоо резервинин баштапкы калдыгын аяккы калдык менен салыштырууга толуктоо катары өзгөртүүлөрдүн кеңири сыпаттамасы талап кылынышы мүмкүн. Бул сыпаттоочу түшүндүрүү мезгил ичинде зыянга каралган баалоо резервин өзгөртүүнүн себептерин талдоону камтышы мүмкүн, анын ичинде:

(a) портфелдин курамын;

(b) сатылып алынган же түзүлгөн финансылык инструменттердин көлөмүн; жана

(c) күтүлгөн кредиттик чыгымдардын олуттуулугун.

B8E Зыянга каралган баалоо резерви зайым берүү боюнча милдеттенмелер жана финансылык кепилдик келишимдери учурунда баалоо милдеттенмеси катары таанылат. Ишкана финансылык активдер боюнча зыянга каралган баалоо резервиндеги өзгөртүүлөр тууралуу маалыматты зайым берүү боюнча милдеттенмелер жана финансылык кепилдик келишимдери боюнча зыянга каралган баалоо резервинин өзгөртүүлөрүнөн өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш. Бирок, эгерде финансылык инструмент өзүнө зайымдын компонентин (б.а. финансылык активди) дагы, зайым берүү боюнча милдеттенмелердин (б.а. зайым берүү боюнча милдеттенмелер) пайдаланылбаган бөлүгүнүн компонентин дагы камтыса, ишкана күтүлгөн кредиттик чыгымдарды зайым берүү боюнча милдеттенмелердин компоненти боюнча жана «финансылык актив» компоненти боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды өзүчө идентификациялай албаса, зайым берүү боюнча милдеттенмелер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар финансылык актив боюнча зыянга каралган баалоо резерви менен бирге таанылууга тийиш. Эгерде күтүлгөн жыйынды кредиттик чыгымдар финансылык активдин дүң балaнстык наркынан ашып кетсе, күтүлгөн кредиттик чыгымдар бааланууучу милдеттенме катары таанылууга тийиш.

## Камсыздоо (35К-пункту)

B8F 35К-пункту финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына камсыздоонун жана кредиттин сапатын жогорулатуунун башка каражаттарынын күтүлгөн кредиттик чыгымдардын суммасына таасирин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат. Ишкана камсыздоонун адилет наркы жана кредиттин сапатын жогорулатуунун башка каражаттары тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүгө, күтүлгөн кредиттик чыгымдардын эсебине кирген (б.а. дефолт учурундагы зыяндар) камсыздоонун так наркын сан жагынан аныктоого милдеттүү эмес.

B8G Камсыздоонун жана анын күтүлгөн кредиттик чыгымдардын суммасына таасиринин кеңири сыпаттамасы төмөндөгү маалыматтарды камтышы мүмкүн:

(a) камсыздоо катары пайдаланылган камсыздоонун жана кредиттин сапатын жогорулатуунун башка каражаттарынын (мунун мисалы катары – кепилдиктер, туунду кредиттик инструменттер жана ФОЭС (IAS) 32ге ылайык чегерүүнүн талаптарына шайкеш келбеген өз ара чегерүү тууралуу макулдашуулар) негизги түрлөрү;

(b) колдо болгон камсыздоонун көлөмү жана кредиттин сапатын жогорулатуунун башка каражаттары жана зыянга каралган баалоо резервинин өңүтүнөн анын мааниси;

(c) камсыздоону жана кредиттин сапатын жогорулатуунун башка каражаттарын баалоонун жана башкаруунун саясаты жана процесси;

(d) камсыздоо жана кредиттин сапатын жогорулатуунун башка каражаттары боюнча контрагенттердин негизги типтери жана алардын кредитке жөндөмдүүлүгү; жана

(e) камсыздоодо тобокелдиктердин концентрациясы жана кредиттин сапатын жогорулатуу механизмдери тууралуу маалымат.

### Кредиттик тобокелдиктерге тушугуучулук (35M – 35N-пункттары)

B8H 35M-пункту ишкананын кредиттик тобокелдиктерге туш болуусу жана отчеттук күнгө карата кредиттик тобокелдиктердин олуттуу концентрациясы тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Бир нече контрагенттер географиялык аймакта жайгашкан же окшош ишмердүүлүк менен алектенген жана алардын келишимдик милдеттенмелерин аткаруу жөндөмдүүлүгүнө экономикалык же башка шарттарына окшош таасир этишине алып келиши мүмкүн болгон окшош экономикалык мүнөздөмөлөргө ээ болгондо кредиттик тобокелдиктердин концентрациясы жаралат. Ишкана финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына финансылык инструменттердин бул тобунун олуттуу бөлүгүнө таасир этиши мүмкүн болгон, мисалы белгилүү бир тобокелдикдерге концентрациялоо, топтор же белгилүү бир мүнөздөмөлөрү менен финансылык инструменттердин портфели бар экендигин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген маалыматты көрсөтүүгө тийиш. Бул, мисалы, зайымдарды наркы боюнча топтоштурууну, географиялык, тармактык концентрациялоону же эмитенттин тиби боюнча концентрациялоону камтышы мүмкүн.

B8I 35M-пунктуна ылайык маалыматты ачып көрсөтүү үчүн пайдаланылчу кредиттик тобокелдикти баалоонун саны ишкана кредиттик тобокелдикти башкаруу максаттарында негизги башкаруучу персоналга билдирген санга шайкеш келүүгө тийиш. Эгерде мөөнөтү өткөн төлөмдөр тууралуу маалымат конкреттүү зайым алуучу боюнча жеткиликтүү болгон бирден бир маалымат болуп саналса жана ишкана мөөнөтү өткөн төлөмдөр тууралуу маалыматты ФОЭС (IFRS) 9дун 5.5.11-пунктуна ылайык баштапкы тааныган учурдан тартып кредиттик тобокелдиктин олуттуу көбөйүшүн баалоо үчүн пайдаланса, ишкана бул финансылык активдер боюнча мөөнөтү өткөн төлөмдөр боюнча талдоону көрсөтүүгө тийиш.

B8J Ишкана күтүлгөн кредиттик чыгымдарды коллективдик негизде бааласа, ал айрым финансылык активдердин дүң балансттык наркын бөлүштүрүүгө же зайымдарды берүүдөгү милдеттенмелер боюнча жана кредиттик тобокелдиктин рейтинги боюнча финансылык кепилдик келишими боюнча кредиттик тобокелдиктерге туш болуусун баалаганга чамасы жетпей калышы мүмкүн. Мындай жагдайда ишкана 35M-пунктунун талаптарын кредиттик тобокелдиктин рейтингинин деңгээлине тикелей тиешелүү болушу мүмкүн болгон финансылык инструменттерге карата пайдаланып, бардык мөөнөтү үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдар жыйынды негизинде бааланган финансылык инструменттердин балансттык дүң наркын өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш.

### Кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмү (36(a)-пункту)

B9 35K(a) жана 36(a)-пункттары ишкана туш болчу кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмүн эң мыкты чагылдырган сумма тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Финансылык актив үчүн бул адатта андан төмөндөгүлөр алып салынган балансттык дүң нарк:

(a) ФОЭС (IAS) 32ге ылайык чегерилген кандай болбосун сумма; жана

(b) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык таанылган зыянга каралган резерв.

B10 Кредиттик тобокелдиктин пайда болушуна алып келчү ишмердүүлүк жана ага ылайык кредиттик тобокелдиктерге максималдуу туш болуу башкалардан тышкары төмөндөгүлөрдү камтыйт:

(a) кардарларга кредиттерди берүү жана депозиттерди башка ишканаларга жайгаштыруу. Бул учурларда кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмү тиешелүү финансылык активдердин балансттык наркына барабар;

© ФОЭС Фонду

(b) туунду инструменттер, мисалы, валюталык келишимдер, пайыздык ставканын своптору жана кредиттик туунду инструменттер. Натыйжада пайда болгон актив адилет нарк менен бааланган учурларда отчеттук мезгилдин акырына карата актив боюнча кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмү анын баланстык наркына барабар болот;

(c) финансылык кепилдик берүү. Бул учурда кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмү, эгерде кепилдик аткарууга берилсе, бул сумма ишкана милдеттенме катары тааныган суммадан кыйла көп болмок, максималдуу сумма мына ошого барабар;

(d) зайым боюнча келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде чакыртып алууга мүмкүн болбогон же олуттуу жагымсыз өзгөрүүлөр орун алганда гана чакыртып алынган милдеттенме алуу. Эгерде ишкана зайым боюнча милдеттенме алса, акча каражаттары менен жабдууда же башка финансылык инструмент менен нетто-эсептешүү жүргүзө албаса, кредиттик тобокелдиктин максималдуу өлчөмү берилген зайым боюнча милдеттенменин толук суммасына барабар. Бул келечекте пайдаланылбаган сумманын кайсы бөлүгү талап кылынаары белгисиз болгону менен шартталган. Тобокелдиктин максималдуу өлчөмү ишкана милдеттенме катары тааныган суммадан бир кыйла чоң болушу мүмкүн.

## Маалыматты ачып көрсөтүү – ликвиддүүлүк тобокелдигинин сандык мүнөздөмөлөрү (34(а) жана 39(а) жана (b) пункттары)

B10A 34(а)-пунктуна ылайык ишкана өзүнүн ликвиддүүлүк тобокелдигине тушугуу мүмкүндүгү тууралуу жыйынды сандык маалыматтарды ачып көрсөтөт; бул маалыматты ачып көрсөтүү жетекчиликтин негизги мүчөлөрүнө берилген ички маалыматтарга негизденет. Ишкана мындай маалыматтар кандайча аныкталгандыгын түшүндүрүүгө тийиш. Эгерде мындай маалыматтарга киргизилген акча каражаттарынын (же башка финансылык активдердин) чыгуусу болсо же:

(a) же болбосо бул маалыматтарда көрсөтүлгөн мөөнөттөн бир кыйла эрте ишке ашса, же болбосо

(b) маалыматтарда көрсөтүлгөн суммадан олуттуу айырмаланган суммада туюндурулушу мүмкүн (мисалы, утурлама талаптын чегерүүсүнүн негизинде маалыматтарга киргизилген, бирок аларга карата контрагент дүң эсептешүү жүргүзүүнү талап кылууга укуктуу болгон туунду инструменттин учурунда),

ишкана бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш жана финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына көрсөтүлгөн маалымат 39(а) же (b) пункттарына ылайык талап кылынган төлөөнүн келишимдик мөөнөттөрүн талдоого киргизилген учурларды кошпогондо, тобокелдиктин деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берет.

B11 39(а) же (b) пункттарына ылайык төлөө мөөнөттөрү боюнча талдоону даярдоодо ишкана убактылуу интервалдардын тийиштүү санын аныктоо үчүн ой жүгүртүүнү пайдаланат. Мисалы, ишкана төмөндөгү интервалдар абдан ылайыктуу деп аныктай алат:

(a) бир айдан көп эмес;

(b) бир айдан көп, бирок үч айдан ашпаган;

(c) үч айдан көп, бирок бир жылдан ашпаган; жана

(d) бир жылдан көп, бирок беш жылдан ашпаган.

B11A 39(а) жана (b) пункттарынын талаптарын аткаруу үчүн ишкана камтылган туунду инструментти гибриддик (аралаш) финансылык инструменттен бөлбөөгө тийиш. Мындай инструментке карата ишкана 39(а)-пунктту колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

B11B 39(b)-пункту ишкана төлөө мөөнөттөрү боюнча туунду финансылык милдеттенмелердин сандык талдоосун ачып көрсөтүүнү талап кылат, эгерде алар акча каражаттарынын агымынын мөөнөттөрүн түшүнүү үчүн зарыл болгон маанилүү фактор болуп эсептелсе. Мисалы, мындай кырдаал төмөнкүдөй учурда орун алышы мүмкүн:

(a) өзгөрүлмө ставка менен финансылык активден же милдеттенмелерден акча агымдарын хеджирлөөдө төлөө мөөнөтү беш жыл калган пайыздык ставкалык своптун;

(b) зайымдар боюнча бардык милдеттенмелердин.

B11C 39(a) жана (b) пункттары ишкана айрым финансылык милдеттенмелердин калган келишимдик төлөө мөөнөтөрүн көрсөткөн төлөө мөөнөттөрү боюнча финансылык милдеттенмелердин сандык талдоосун ачып көрсөтүүнү талап кылат. Ошону менен бирге:

(a) эгерде контрагентте төлөө мөөнөтүн тандоо укугу болсо, ишканадан төлөмдү талап кылышы мүмкүн болгон эң эрте күндөн улам, милдеттенме убакыт интервалына тийиштүү болот. Мисалы, ишкана талап боюнча төлөөгө милдеттүү болгон (мисалы, талап боюнча төлөнүүчү депозиттер) финансылык милдеттенмелер эң мурдагы убакыт интервалына кошулат.

(b) эгерде ишкана мөөнөтүн узартып төлөө боюнча милдеттенмени мойнуна алса, анда ар бир төлөм ишканадан төлөөнү талап кылышы мүмкүн болгон эң эрте мезгилге тийиштүү болот. Мисалы, ишкананын зайым берүү боюнча милдеттенмесинин контрагент пайдаланбай калган бөлүгү ага карата мындай бөлүк талап кылынышы мүмкүн болгон эң эрте күндү камтыган убакыт интервалына кошулат.

(c) чыгарылган финансылык кепилдик келишими боюнча кепилдиктин максималдуу суммасы кепилдик талап кылынышы мүмкүн болгон эң эрте мезгилге тийиштүү.

B11D Төлөө мөөнөтү боюнча талдоодо ачып көрсөтүлчү келишимдик суммалар 39(a) жана (b) пункттары талап кылгандай, келишим менен каралган дисконттолбогон акча каражаттарынын агымы болуп эсептелет, мисалы:

(a) ижара боюнча дүң милдеттенмелер (финансылык чыгашаларды кемиткенге чейин);

(b) акча каражаттарына финансылык активдерди сатып алууга форварддык келишимдерде белгиленген баалар;

(c) алар боюнча акча каражаттарынын таза агымдары алмаштырылган өзгөрүлмө/бекитилген пайыздык своптор боюнча таза суммалар;

(d) дүң акча каражаттарынын агымдары алмаштырыла турган туунду финансылык инструменттерде (мисалы, валюталык своп) алмаштырылууга тийиш келишим менен каралган суммалар;

(e) зайымдар боюнча милдеттенмелердин жыйынды суммасы.

Мындай дисконттолбогон акча каражаттарынын агымдары финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммалардан айырмаланат, анткени финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммалар дисконттолгон акча каражаттарынын агымдарынын негизинде аныкталат. Төлөнө турган суммалар бекитилбеген болбосо, ачып көрсөтүлгөн сумма отчеттук мезгилдин акырына карата колдонулган шарттарды эске алуу менен аныкталат. Мисалы, төлөнчү сумма индекстин өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөрүлүп турса, ачып көрсөтүлүүчү сумма отчеттук мезгилдин акырына карата индекстин деңгээлине негизделиши мүмкүн.

B11E 39(c)-пункту ишкана алар тууралуу сандык маалыматтар 39(a) жана (b) пункттарына ылайык ачып көрсөтүлгөн беренелерге мүнөздүү ликвиддүүлүк тобокелдигин кантип башкараарын

сыпаттоону талап кылат. Ишкана, эгерде мындай маалымат ишкананын финансылык отчеттуулугунун пайдалануучуларына зарыл болсо, ликвиддүүлүк тобокелдигинин мүнөзүн жана өлчөмүн баалоо үчүн төлөө мөөнөттөрү боюнча ликвиддүүлүк тобокелдигин (мисалы, оңой сатылчу финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер боюнча акча каражаттарынын чыгуусун компенсациялоо максатында акча каражаттарынын келип түшүүсүн жараткан финансылык активдер) башкаруу үчүн ишкана кармап турган финансылык активдердин талдоосун ачып көрсөтүүгө тийиш.

B11F 39(c)-пунктунда талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүдө ишкана башка факторлор катары карашы мүмкүн болгон башкалардын катарында төмөндөгү маселелерди атаса болот:

(a) ишкананын ликвиддүүлүктө керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кайрыла турган зайым каражаттары (мисалы, коммерциялык баалуу кагаздар) же башка кредиттик линиялары (мисалы, резервдик кредиттик линиялар) барбы;

(b) ишкана ликвиддүүлүктү колдоп туруу үчүн борбордук банктарда депозиттерге ээлик кылабы;

(c) ишкана каржылоонун ар түрдүү булактарына ээлик кылабы;

(d) ишкана активдер же каржылоонун булактары боюнча ликвиддүүлүк тобокелдигинин олуттуу концентрациясы менен мүнөздөлөбү;

(e) ишкана ликвиддүүлүк тобокелдигин башкаруу максатында өзгөчө кырдаалдарда ички контролдун жол-жоболорун жана аракеттер планын иштеп чыкканбы;

(f) ишкананын мөөнөтүнөн мурда төлөө мүмкүнчүлүгүн караган (мисалы, ишкананын кредиттик рейтинги төмөндөгөндө) инструменттери барбы;

(g) ишкананын күрөөлүк камсыздоону берүүнү талап кылган (мисалы, туунду инструменттери үчүн кепилдик депозитин киргизүү талабы) инструменттери барбы;

(h) ишкананын финансылык милдеттенмелерин акча каражаттары (же башка финансылык активдери) аркылуу же өздүк акцияларын берүү аркылуу төлөө ыкмасын тандап алууга мүмкүнчүлүк берген инструменттери барбы; же

(i) ишкананын өз ара чегерүү тууралуу башкы келишим менен жөнгө салынчу инструменттери барбы;

B12–B16 [Алып салынган]

## Рыноктук тобокелдик – сезгичтикти талдоо (40 жана 41-пункттар)

B17 Пункт 40(a)-пункт ишкана туш болчу рыноктук тобокелдиктердин ар бир түрүнө карата сезгичтикти талдоо жүргүзүүнү талап кылат. B3-пунктуна ылайык, ишкана түрдүү мүнөздөгү маалыматтарды бириктирбестен, экономикалык чөйрөдөгү олуттуу айырмачылыктар менен шартталган тобокелдиктерге туш болуусу тууралуу жалпы абалды көрсөтүү үчүн маалыматтарды кандайча бириктирээри тууралуу чечим кабыл алат. Мисалы:

(a) финансылык инструменттерди сатуу менен алектенген ишкана бул маалыматты соодага арналган финансылык инструменттер боюнча өзүнчө жана соодага арналбаган финансылык инструменттер боюнча өзүнчө ачып көрсөтүшү мүмкүн;

(b) ишкана гиперинфляциялык экономикасы бар аймактарда ишкана туш болчу рыноктук тобокелдиктерди инфляциянын деңгээли абдан төмөн болгон аймактарда ишкана туш келчү рыноктук тобокелдиктер менен бириктирбеши керек.

Эгерде ишкана бир экономикалык чөйрөдө рыноктук тобокелдиктердин бир гана түрүнө туш келсе, ага дезагрегацияланган маалыматты көрсөтүштүн кереги жок.

B18 40(а)-пункту сезгичтикти талдоо тобокелдиктин деңгээли байланыштуу болгон, акылга сыярлык ыктымалдуу (мисалы, артыкчылык кылган рыноктук пайыздык ставкалардын, валютанын алмашуу курсунун, үлүштүк инструменттерге же товарларга баанын өзгөрүшү) тийиштүү өзгөрүлмөнүн өзгөрүшү пайдага же зыянга жана ишкананын капиталына кандай таасир бергендигин көрсөтүшүн талап кылат. Бул максатта:

(а) ишканадан эгерде тобокелдиктин тийиштүү өзгөрүлмөлөрү башкача болгондо ошол мезгилдеги пайда же зыян кандай болмок эле дегенди аныктоо талап кылынбайт. Анын ордуна ишкана тобокелдиктин тийиштүү өзгөрүлмөсүнүн акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөрүүлөрү отчеттук мезгилдин акырында болсо, жана ошол күндөгү орун алган тобокелдиктерге карата пайдаланылса, божомолдордун пайдага же зыянга жана ишкананын капиталына кандай таасир бериши мүмкүн болгондугун ачып көрсөтөт. Мисалы, эгерде ишкананын жылдын акырына карата милдеттенмеси болсо, ал боюнча пайыздарды өзгөрүлмө ставка боюнча төлөө каралса, ишкана пайыздык ставканын акылга сыярлык ыктымалдуу өлчөмүнө өзгөрүшү үстүдөгү жыл үчүн пайдага же зыянга (башкача айтканда пайыздык чыгашаларга) кандай таасир этээрин ачып көрсөтүүгө тийиш.

(b) тобокелдиктин тийиштүү өзгөрүлмөсүнүн акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөрүүлөрүнүн диапазонунун чегинде ар бир өзгөрүүсү пайдага же зыянга жана ишкананын капиталына тийгизген таасирин көрсөтүү ишканалардан талап кылынбайт. Акылга сыярлык ыктымалдуу болгон диапазондун чегинде турган өзгөрүүлөрдүн таасирин ачып көрсөтүү жетиштүү.

B19 Тобокелдиктин тиешелүү өзгөрүлмөсүн кандай өзгөртүү акылга сыярлык ыктымалдуу болуп санала тургандыгы жөнүндө маселени чечүүдө ишкана төмөнкүдөй аспекттерди кароого тийиш:

(а) ал ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан экономикалык чөйрөнү. Акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөрүүлөр күмөндүү же «эң начар» сценарийлерди же «стресстик тесттерди» кошпоого тийиш. Андан тышкары, эгерде аныктоочу өзгөрүлмө тобокелдиктин өзгөрүүлөрү туруктуу болсо, ишкана тобокелдиктин өзгөрүлмөсүнүн тандалып алынган акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөрүүсүн кайра карабашы керек. Мисалы, пайыздык ставка 5 пайызды түзөт деп болжолдойлу, ишкана пайыздык ставка +/-50 базистик пункттун чегинде өйдө-ылдый болгону негиздүү мүмкүн деп аныктайт. Ишкана пайыздык ставка 4,5 пайызга төмөндөгөнү же анын 5,5 пайызга чейин өскөнү пайдаларга же зыяндарга жана капиталга таасирин ачып көрсөтөт. Кийинки мезгилде пайыздык ставка 5,5 пайызга чейин өстү. Ишкана мурункудай эле пайыздык ставкалар ± 50 базистик пункттарына өзгөрүп турушу мүмкүн (б.а. пайыздык ставкалардын өзгөрүү ылдамдыгы туруктуу болуп саналат) деп эсептейт. Ишкана пайыздык ставка 5 пайызга төмөндөсө же 6 пайызга чейин өссө пайдага же зыяндарга жана капиталга таасирин ачып көрсөтөт. Эгерде пайыздык ставканын туруксуздугу олуттуу көбөйгөндүгүнүн далили пайда болбосо, ишкана пайыздык ставка +/-50 базистик пункттун чегинде өзгөрүү болгонун кайра карабайт.

(b) ал ошол үчүн баалоо жүргүзгөн убакыт аралыгы. Сезгичтикти талдоо ишкана кийинки ирет бул маалыматты ачып көрсөткөн учурга чейинки мезгилдин ичинде акылга сыярлык ыктымалдуу деп эсептелген өзгөрүүлөрдүн таасирин көрсөтүүгө тийиш. Адатта бул ишкананын кезектеги жылдык отчеттук мезгили.

B20 41-пункт ишканага тобокелдиктин өзгөрүлмөлөрүнүн ортосундагы өз ара көз карандылыкты чагылдырган сезгичтикти талдоону пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет, маселен, эгерде ишкана бул талдоону финансылык тобокелдиктерди башкаруу үчүн пайдаланса, тобокелдиктерди нарктык баалоо методикасы менен талдоону. Бул, эгерде бул методика потенциалдуу зыяндарды гана баалап, потенциалдуу пайдаларды баалабаган учурда дагы колдонулат. Мындай ишкана тобокелдиктерди нарктык баалоонун моделинин өзү колдонуп жаткан варианты жөнүндө маалыматты (мисалы, анда Монте-Карло моделдөөсү колдонулаарын же

жоктугун) ачып көрсөтүп, 41(а)-пункттун талаптарына шайкештикти, моделдин иштөө принциптеринин жана негизги божомолдордун түшүндүрмөсүн (мисалы, ээлик кылуу мезгили жана ишеним деңгээли) камсыз кыла алар эле. Ишкана ошондой эле ушул мезгилдин ичинде байкоо жүргүзүүлөргө колдонулган байкоо жүргүзүүлөрдүн жана салмактын өткөн мезгилин жана эсептөөдө опциондор кандайча эске алынаарын жана өзгөрүлмөлүүлүктүн кайсы коэффициенттери жана корреляциялар (же альтернатива катары Монте-Карло методу боюнча ыктымалдуулукту бөлүштүрүү модели) пайдаланылаарын түшүндүргөнүн ачып көрсөтүшү мүмкүн.

B21 Ишкана өзүнүн бардык бизнеси үчүн сезгичтикти талдоону көрсөтүүгө тийиш, бирок, финансылык инструменттин ар кандай класстары үчүн сезгичтикти талдоонун ар кандай түрлөрүн көрсөтүшү мүмкүн.

### Пайыздык тобокелдик

B22 *Пайыздык тобокелдик* финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган (мисалы, сатылып алынган же чыгарылган карыздык инструменттер) жана финансылык абал жөнүндө айрым отчетто таанылбаган (мисалы, жаңы зайымдарды тартуу боюнча айрым милдеттенмелер) пайыздык финансылык инструменттер боюнча келип чыгат.

### Валюталык тобокелдик

B23 *Валюталык тобокелдик* чет өлкөлүк валютада туюндурулган, башкача айтканда, алар бааланган колдонуудагы валютадан айырмалуу финансылык инструменттер боюнча келип чыгат. Бул ФОЭСтин максаттарында валюталык тобокелдик акчалай эмес беренелер болгон финансылык инструменттерге байланыштуу же колдонуудагы валютада туюндурулган финансылык инструменттерге байланыштуу келип чыкпайт деп эсептелинет.

B24 Сезгичтикти талдоо ишкана аларга карата олуттуу тобокелдиктерге туш келчү ар бир валюта үчүн ачып көрсөтүлөт.

### Башка баа тобокелдиги

B25 *Башка баа тобокелдиги* финансылык инструменттер боюнча товарларга же үлүштүк инструменттерге баалардын өзгөрүшүнө байланыштуу пайда болот. 40-пункттун талаптарына шайкеш келиш үчүн ишкана фонддук рыноктун аныкталган индексинин, товарга баанын же тобокелдиктин башка өзгөрүлмөсүнүн азайышына таасирин ачып көрсөтүшү мүмкүн. Мисалы, эгерде ишкана финансылык инструмент болуп саналган жоюу наркынын кепилдигин көрсөтсө, ишкана бул кепилдик колдонулган активдин наркы көбөйүшү же азайышы тууралуу маалыматты ачып көрсөтөт.

B26 (а) Башка ишкананын үлүштүк инструменттерине салым жасоо жана (b) ишеним менчик фондуна салым жасоо (ал өз кезегинде үлүштүк инструменттерге инвестициялайт) үлүштүк инструменттердин котировкалары өзгөрүү тобокелдиги пайда болгон финансылык инструменттердин эки мисалы болуп эсептелет. Башка мисалдар үлүштүк инструменттердин белгилүү бир санын сатып алууга же сатууга форварддык келишимдерди жана опциондорду, ошондой эле үлүштүк инструменттердин котировкасына индексацияланган свопторду камтыйт. Мындай финансылык инструменттердин адилет наркы алардын негизинде жаткан үлүштүк инструменттердин рыноктук бааларынын өзгөрүүлөрүнүн таасирине дуушар болушу мүмкүн.

B27 40(а)-пунктуна ылайык пайданын же зыяндын (мисалы, пайда же зыян аркылуу адилет наркы менен бааланган инструменттерге байланыштуу пайда болгон) сезгичтиги тууралуу маалымат башка жыйынды кирешенин (мисалы, өзгөрүүлөрү башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган адилет наркынын өзгөрүүлөрү үлүштүк инструменттерге инвестицияга байланыштуу пайда болгон) сезгичтиги тууралуу маалыматтан өзүнчө чагылдырылат.

© ФОЭС Фонду

B28 Ишкана үлүштүк инструменттер катары классификациялаган финансылык инструменттер кайра бааланбайт. Пайда дагы, же зыян дагы, капитал дагы бул үлүштүк инструменттердин бааларынын өзгөрүү тобокелдиктеринин таасирине тушукпайт. Демек, сезгичтикти талдоо талап кылынбайт.

## Таанууну токтотуу (42С - 42Н-пункттары)

### Улантылып жаткан катышуу (42С-пункту)

B29 42Е - 42Н-пункттарында айтылган маалыматтарды ачып көрсөтүүгө талаптарды аткаруу максатында өткөрүлүп берилген финансылык активге ишкананын улантылып жаткан катышуусун баалоо отчет берүүчү ишкананын деңгээлинде жүргүзүлөт. Мисалы, эгерде туунду ишкана аны үчүн байланыштуу болуп саналбаган үчүнчү жакка туунду ишкананын башкы ишканасы катышуусун улантып жаткан финансылык активин өткөрүп берсе, анда туунду ишкана өзүнчө финансылык отчеттуулукта (башкача айтканда бул туунду ишкана отчет берген ишкана болуп эсептелгенде) өткөрүлүп берилген финансылык активде өзүнүн улантылып жаткан катышуусун баалоодо өзүнүн башкы ишканасынын катышуусун эске албайт. Бирок, башкы ишкана өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда (башкача айтканда топ отчет берүүчү ишкана болуп саналганда) өткөрүлүп берилген финансылык активде катышуусун улантып жаткандыгын аныктоодо туунду ишкана өткөрүп берген финансылык активде өзүнүн катышуусун улантып жаткандыгын (же топтун кайсы бир мүчөсү катышуусун улантып жаткандыгын) эсепке алат.

B30 Ишкана, эгерде активди өткөрүп берүүнүн алкагында ал өткөрүлүп берилген финансылык актив менен байланыштуу өзүнүн бир дагы келишимдик укуктарын же милдеттенмелерин сактабаса жана өткөрүлүп берилген финансылык активге тийиштүү эч кандай жаңы келишимдик укуктарды же милдеттенмелерди сатып албаса, өткөрүлүп берилген финансылык активде улантылып жаткан катышууга ээ эмес. Ишкана, эгерде келечектеги ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна кызыкдар болбосо, өткөрүлүп берилген финансылык активге тийиштүү келечектеги төлөмдөрдү ишке ашыруу боюнча тузүлгөн кандайдыр бир жагдайларда милдеттенмелери жок болсо, өткөрүлүп берилген финансылык активде катышуусун улантпаган болот. Бул контекстте «төлөм» термини өткөрүлүп берилген финансылык актив боюнча ишкана алып жаткан көрсөтүлгөн активдин алуучусуна которуп берүүгө милдеттүү болгон акча каражаттарынын агымдарын кошпойт.

B30A Финансылык активди өткөрүп берүүдө ишкана айрым бир акы үчүн мындай активди тейлөө укугун өзүндө калтырышы мүмкүн, мисалы, тейлөөгө келишим менен каралган. Ишкана тейлөөгө келишимди 42С жана B30-пункттарындагы колдонмого ылайык, маалыматты ачып көрсөтүүгө талаптарды аткаруу максаттары үчүн мындай тейлөөгө келишимдин натыйжасында анын финансылык активге улантылып жаткан катышуусу бар экендигин аныктоо үчүн баалайт. Мисалы, эгерде тейлөө үчүн сыйакы өткөрүлүп берилген финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымдарынын келип түшкөн суммаларына же мөөнөтүнө көз каранды болсо, маалыматты ачып көрсөтүүгө талаптарды аткаруу максаттары үчүн тейлөөчү ишкана өткөрүлүп берилген финансылык активде улантылып жаткан катышуусу бар. Ошол өңдүү маалыматты ачып көрсөтүүгө талаптарды аткаруу максаттары үчүн, эгерде белгиленген сыйакы бул актив натыйжалуу эмес болгон учурда толук өлчөмдө төлөнүп берилбесе, тейлөөчү ишкана өткөрүлүп берилген финансылык активде улантылган катышуусу бар деп эсептеш керек. Келтирилген мисалдарда тейлөөчү ишкана өткөрүлүп берилген финансылык активдин келечектеги натыйжалуулугуна кызыкдар. Бул баалоо ишкана көрсөткөн кызматтын аткарылышы үчүн алууга тийиш болгон сыйакы жетиштүү ордун толтуруу болуп эсептелеби деп күтүлүп жатабы, ага көз каранды болбойт.

B31 Өткөрүлүп берилген финансылык активде улантылып жаткан катышуусу активди өткөрүп берүү тууралуу макулдашуунун келишимдик жоболорунун натыйжасында же алуучу менен же үчүнчү жак менен активди өткөрүп берүүгө байланыштуу түзүлгөн өзүнчө макулдашуунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн.

### Аларды таануу жалпысынан токтотулбаган өткөрүп берилген финансылык активдер (42D-пункту)

B32 42D-пункту өткөрүлүп берилген финансылык активдер – жарым-жартылай же толугу менен, таанууну токтотуу критерийлерин канаттандырбаган учурда маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Мындай маалымат өткөрүлүп берилген финансылык активди, алар качан өткөрүлүп берилгенине карабастан, ишкана тааныганын улантып жаткан ар бир отчеттук күнгө карата ачып көрсөтүлүүгө тийиш.

### Улантылып жаткан катышуунун түрлөрү (42E - 42H-пункттары)

B33 42E - 42H-пункттары таануу токтотулган финансылык активдерде катышуусу улантылып жаткан ар бир түрү боюнча сапаттык жана сандык мүнөздөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат. Ишкана ишкананын тобокелдиктерге туш келүүсүн чагылдарган түрлөр боюнча өзүнүн улантылып жаткан катышуусун агрегациялоого тийиш. Мисалы, ишкана өзүнүн улантылып жаткан катышуусун финансылык инструменттердин түрлөрү (мисалы, кепилдиктер же колл опциондору) боюнча же өткөрүп берүүнүн түрлөрү (мисалы, дебитордук карыздын факторинги, баалуу кагаздар менен секьюритизациялоо жана кредит берүү) боюнча агрегациялай алат.

### Өткөрүлүп берилген активдерди сатып алуу үчүн дисконттолбогон акча каражаттарынын чыгып калуу мөөнөттөрүнүн талдоосу (42E(e)-пункту)

B34 42E(e)-пунктуна ылайык ишкана таануусу токтотулган финансылык активдерди сатып алуу үчүн дисконттолбогон акча каражаттарынын чыгып калуу мөөнөттөрүн же ишкананын бул активдерде улантылып жаткан катышуусунун калган келишимдик мөөнөтүн көрсөтүү менен, таануу токтотулган өткөрүлүп берилген активдерге тийиштүү алуучуга төлөнө турган башка суммалардын талдоосун ачып көрсөтүүгө тийиш. Мындай талдоодо төлөнүүгө тийиш болгон (мисалы, форварддык келишимдер) акча каражаттарынын агымы, ишканага балким төлөп берүү талап кылынышы мүмкүн болгон акча каражаттарынын агымы (мисалы, сатылган пут опциондор) жана ишкана өзүнүн тандоосу менен төлөп бере алган (мисалы, сатылып алынган кол опциондор) акча каражаттарынын агымы чек менен ажыратылат.

B35 Ишкана 42E(e)-пунктуна ылайык мөөнөттөрдүн талдоосун даярдоо үчүн тийиштүү числонун убакыт аралыктарын аныктоодо өзүнүн ой жүгүртүүсүн пайдаланууга тийиш. Мисалы, ишкана төмөндөгү убакыт аралыктарын алгылыктуу деп чече алат:

(a) бир айдан көп эмес;

(b) бир айдан көп, бирок үч айдан ашпаган;

(c) үч айдан көп, бирок алты айдан ашпаган;

(d) алты айдан көп, бирок бир жылдан ашпаган;

(e) бир жылдан көп, бирок үч жылдан ашпаган;

(f) үч жылдан көп, бирок беш жылдан ашпаган;

(g) беш жылдан көп.

B36 Мүмкүн болчу мөөнөттөрдүн диапазону болгондо акча каражаттарынын агымы ишкананын милдеттенмеси же төлөмдү ишке ашыруу укугу болгон эң эрте датадан тартып каралат.

### Сапаттык мүнөздөгү маалыматтар (42E(f)-пункту)

B37 42E(f)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлүүчү сапаттык мүнөздөгү маалымат таануу токтотулган финансылык активдердин сыпаттоосун, ошондой эле бул активдерди өткөрүп

© ФОЭС Фонду

бергенден кийин сакталып калган улантылып жаткан катышуусунун мүнөзүн жана максатын камтыйт. Ал ошондой эле ишкана туш болчу тобокелдиктердин сыпаттамасын камтыйт, анын ичинде:

(a) таануу токтотулган финансылык активдерде анын улантылып жаткан катышуусуна мүнөздүү тобокелдиктерди ишкана кандайча башкараарынын сыпаттамасы;

(b) ишкана башка тараптар алдында зыян тартууга тийишпи, ошондой эле активдеги үлүштөрү (башкача айтканда анын активде улантылып жаткан катышуусу) ишкананын ошол эле активдеги үлүшүнө караганда аз деп классификацияланган тараптар көтөргөн зыяндардын деңгээли жана суммалары;

(c) финансылык колдоо көрсөтүү же өткөрүлүп берилген финансылык активдерди кайра сатып алуу боюнча милдеттенмелердин активине байланыштуу келип чыккан кандай болбосун жагдайлардын сыпаттамасы.

## Таанууну токтоткондогу пайда же зыян (42G(a)-пункту)

B38 42G(a)-пунктуна ылайык ишкана таануусу токтотулган финансылык активдерде ишкананын улантылып жаткан катышуусуна тийиштүү пайда же зыян тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш. Ишкана пайда же зыян таанууну токтоткондо мурда таанылган активдин компоненттеринин адилет наркы (башкача айтканда таануусу токтотулган активдеги үлүшү жана ишканада сакталып калган үлүш) мурда таанылган активдин адилет наркынан жалпысынан айырмаланганда пайда болгондугу фактысын ачып көрсөтүүгө тийиш. Мындай жагдайда ишкана 27А-пунктунда сыпатталгандай, байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтарга негизделбеген олуттуу баштапкы маалыматтар адилет наркты баалоону камтыгандыгы фактысын ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Кошумча маалымат (42H-пункту)

B39 42D - 42G-пункттарынын талаптарына ылайык ачып көрсөтүлгөн маалыматтар 42B-пунктунда баяндалган маалыматтарды ачып көрсөтүү максаттары үчүн жетишсиз болушу мүмкүн. Мындай учурда ишкана маалыматтарды ачып көрсөтүү максаттары үчүн зарыл болгон кошумча кандай болбосун маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Түзүлгөн кырдаалдан улам ишкана пайдалануучулардын маалыматтык талаптарын канааттандыруу үчүн канча сандагы кошумча маалыматтарды берүүгө тийиш экендигин жана ал кошумча маалыматтардын аспектилерине кандай маани берээрин чечүүгө тийиш. Финансылык отчеттуулукка финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына балким көмөктөшө албай турган ашыкча майда-бараттарды шыкоо менен маалыматтарды өтө ирилеп жалпылаштыруунун натыйжасында түшүнүксүз кылуунун ортосундагы тең салмактуулукту табуу зарыл.

## Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерилүүсү (13A - 13F-пункттары)

*Колдонуу чөйрөсү (13A пункту)*

B40 13B - 13E-пункттарында баяндалган маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн талаптары өз ара чегерүү ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык жүргүзүлгөн таанылган бардык финансылык инструменттер үчүн милдеттүү болуп эсептелет. Андан тышкары, эгерде алар өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуунун же ошол сыяктуу финансылык инструменттерди жана операцияларды камтыган, өз ара чегерүү ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык жүргүзүлгөнүнө карабастан, ага окшош макулдашуунун камсыздалган укуктук коргоосунун аракетине туура келсе, финансылык инструменттер 13B - 13E-пункттарында баяндалган маалыматтарды ачып көрсөтүү талаптарын колдонуу чөйрөсүнө кирет.

B41 13A жана B40-пункттарында эскерилген ушул сыяктуу макулдашуулар туунду инструменттердин клиринги жөнүндө макулдашууларды, РЕПОнун глобалдуу башкы келишимдерин, баалуу кагаздар түрүндө зайымдарды берүү тууралуу глобалдуу башкы келишимдерди, ошондой эле аларга байланышкан финансылык камсыздоого тийиштүү укуктарды камтыйт. B40-пунктта эскертилген ушул сыяктуу финансылык инструменттер жана операциялар туунду инструменттерди, РЕПО келишимдерин, кайра артка РЕПО келишимдерин, баалуу кагаздар түрүндө зайым алуу тууралуу келишимдерди жана баалуу кагаздар түрүндө зайым берүү тууралуу келишимдерди камтыйт. Бир эле ишканадагы кардарлардын зайымдары жана депозиттери (алар финансылык абал жөнүндө отчетто өз ара чегерүүнүн негизинде көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо) жана камсыздоо тууралуу макулдашуунун гана предмети болуп саналган финансылык инструменттер 13A-пунктунун колдонуу чөйрөсүнө кирбеген финансылык инструменттердин мисалы болуп саналат.

### 13A-пунктунун колдонуу чөйрөсүнө кирген таанылган финансылык активдер жана таанылган финансылык милдеттенмелер боюнча сандык маалыматтарды ачып көрсөтүү (13C-пункту)

B42 Маалыматтары 13C-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн финансылык инструменттерге карата баалоонун түрдүү талаптары колдонулушу мүмкүн (мисалы, РЕПО келишими боюнча кредиттик карыз амортизацияланган нарк боюнча, ал эми туунду инструмент – адилет нарк боюнча бааланышы мүмкүн). Ишкана таанылган суммалар боюнча инструменттерди көрсөтүп жана мунун аркасында тийиштүү маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн алкагында баалоодо жаралган айырмачылыктарды сыпаттоого тийиш.

### 13A-пунктунун колдонуу чөйрөсүнө кирген таанылган финансылык активдердин жана таанылган финансылык милдеттенмелердин дүң суммалары тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүү (13C(a)-пункту)

B43 13C(a)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүү талап кылынган суммалар ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык өз ара чегерүү жүргүзүлгөн таанылган финансылык инструменттерге тийиштүү. 13C(a)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүү талап кылынган суммалар ошондой эле өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуунун же ошол сыяктуу макулдашуунун камсыздалган укуктук коргоосунун аракетине туура келген, бул инструменттерге карата өз ара чегерүү критерийлери аткарылганына карабастан, таанылган финансылык инструменттерге тийиштүү болот. Бирок 13C(a)-пунктунда баяндалган ачып көрсөтүү талаптары ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктундагы өз ара чегерүү критерийлери аткарылбаган, камсыздоо тууралуу макулдашуулардын натыйжасында таанылган суммаларга тийиштүү болбойт. Анын ордуна мындай суммалар тууралуу маалыматтар 13C(d)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлөт.

### ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык өз ара чегерилген суммалар тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүү (13C(b)-пункту)

B44 13C(b)-пунктунда баяндалган талаптарга ылайык, ишканалар финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган нетто-сумманы аныктоодо ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык өз ара чегерүү жүргүзүлгөн суммалар тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш. Бир гана макулдашууга ылайык өз ара чегерүү жасала турган таанылган финансылык активдердин дагы, таанылган финансылык милдеттенмелердин дагы суммалары финансылык активдер тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн алкагында дагы, финансылык милдеттенмелер тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн алкагында дагы ачып көрсөтүлөт. Бирок ачып көрсөтүлүүчү суммалар (мисалы, таблицада) өз ара чегерүү жасала турган суммалар менен чектелет. Мисалы, ишкананын аларга карата ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктуна ылайык өз ара чегерүү критерийлери аткарылган таанылган туунду активи жана таанылган туунду милдеттенмелери болушу мүмкүн. Эгерде туунду активдин дүң суммасы туунду милдеттенмелердин дүң суммасынан ашса, финансылык активдер тууралуу маалыматтар ачып көрсөтүлгөн таблицада туунду активдин бардык суммасы (13C(b)-пунктуна ылайык) жана туунду финансылык милдеттенмелердин бардык суммасы (13C(a)-пунктуна ылайык) көрсөтүлөт. Бирок, эгерде финансылык милдеттенмелер тууралуу маалыматтарды ачып

көрсөткөн таблицада туунду финансылык милдеттенмелердин бардык суммасы көрсөтүлсө (13C(a)-пунктуна ылайык), анда туунду активди ачып көрсөтүү 13C(b)-пунктуна ылайык) туунду финансылык милдеттенменин суммасына барабар сумма менен чектелет.

### Финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган нетто-суммалар тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүү (13C(c)-пункту).

B45 Эгерде ишкана маалыматтарды ачып көрсөтүүгө карата (13А-пунктунда көрсөтүлгөндөй) ушул талаптарды колдонуу чөйрөсүнө тийиштүү инструменттерге ээ болсо, бирок, аларга карата ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктундагы өз ара чегерүү критерийлери аткарылбаса, 13C(c)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлчү суммалар 13C(a)- пунктуна ылайык ачып көрсөтүлчү суммаларга барабар болот.

B46 13C(c)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлүүчү суммаларды финансылык абал жөнүндө отчеттогу айрым беренелар менен салыштырып текшерүү керек. Мисалы, эгерде ишкана финансылык отчеттуулуктун айрым беренелерин агрегациялоо же деталдаштыруу кыйла жөндүү маалыматтарды көрсөтүүгө алып келет деген тыянакка келсе, алар тууралуу маалымат 13C(c)-пунктуна ылайык финансылык абал жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн өзүнчө беренелер менен ачып көрсөтүлгөн агрегацияланган же деталдаштырылган суммаларды салыштырып текшерүүгө тийиш.

### Башка учурларда 13C(b)-пунктуна кошулбаган юридикалык жактан бекитилген өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашууга же окшош макулдашууга тийиштүү суммалар тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүү (13C(d)-пункту).

B47 13C(d)-пунктуна ылайык ишкана өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуунун же ошол сыяктуу макулдашуунун камсыздалган укуктук коргоосунун аракетине тийиштүү, айрым учурларда 13C(b)-пунктуна кошулбаган суммалар тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш. 13C(d)(i)-пункту ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктундагы өз ара чегерүүнүн айрым же бардык критерийлери аткарылбаган таанылган инструменттерге тийиштүү суммаларга карата колдонулат (мисалы, ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктунун критерийи аткарылбаган өз ара чегерүүгө учурдагы укуктары же укуктук коргоого алган жана милдеттенмелерин аткарбаган өзгөчө учурларда гана же кайсы бир контрагенттин кудуретсиз болгон же банкрот болгон учурларда гана аткарууга тийиш болгон өз ара чегерүүгө шарттуу укуктар).

B48 13C(d)(ii)-пункту алынган дагы же берилген дагы акча камсыздоосун кошуп, финансылык камсыздоого тийиштүү суммаларга карата пайдаланылат. Ишкана камсыздоо иретинде берилген же алынган мындай финансылык инструменттердин адилет наркы тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш. 13C(d)(ii)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлүүчү суммалар кредитордук же дебитордук карыздын натыйжасында пайда болгон, алынган же берилген камсыздоону кайтарууга карата таанылгандарга эмес, иш жүзүндө алынган же берилген камсыздоого тийиштүү болушу керек.

### 13C(d)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн суммаларга карата чектөөлөр (13D-пункту)

B49 13C(d)-пунктуна ылайык суммалар тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү менен ишкана финансылык инструментке ашыкча камсыздоонун таасирин эске алууга тийиш. Аны үчүн ишкана тийиштүү финансылык инструмент үчүн оболу 13C(c)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн суммадан 13C(d)(i)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн сумманы кемитип, андан кийин 13C(d)(ii)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн суммаларды 13C(c)-пунктундагы калган сумма менен чектөөгө тийиш. Бирок, камсыздоого укуктар башка финансылык инструменттерге өткөрүлүшү мүмкүн болсо, мындай укуктар тууралуу маалыматтар 13D-пунктуна ылайык маалыматтарды ачып көрсөтүүгө камтылышы мүмкүн.

**Өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуунун же башка окшош макулдашуунун укуктук коргоосу менен камсыздалгандарга тийиштүү өз ара чегерүүгө укуктардын сыпаттамасы (13E-пункту)**

B50 Ишкана алар тууралуу маалыматтар 13C(d)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн чегерүүгө жана окшош макулдашууларга укуктардын түрлөрүн, мындай укуктардын мүнөзүн кошуп сыпаттоого тийиш. Мисалы, ишкана өзүнүн шарттуу укуктарын сыпаттоого тийиш. Өз ара чегерүү укугу пайдаланылчу, келечектеги окуялардан көз каранды болбогон, бирок аларга карата ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктунун калган критерийлери аткарылбай жаткан инструменттер үчүн ишкана мындай критерийлер эмне себептен аткарылбай жаткандыгынын себептерин сыпаттоого тийиш. Алынган же берилген финансылык камсыздоо боюнча ишкана камсыздоо тууралуу макулдашуулардын шарттарын (мисалы, камсыздоо үчүн каралган чектөөлөрдү) сыпаттоого тийиш.

**Финансылык инструменттердин типтери же контрагенттер боюнча маалыматтарды ачып көрсөтүү**

B51 Ачып көрсөтүү 13C(a) - (e)-пункту менен талап кылынган сапаттык маалыматтар финансылык инструменттердин же операциялардын (мисалы, туунду инструменттер, РЕПО жана кайра артка РЕПО келишимдери, же баалуу кагаздар түрүндө зайым алуу тууралуу келишимдер жана баалуу кагаздар түрүндө зайым берүү тууралуу келишимдер) типтери боюнча бириктирилиши мүмкүн.

B52 Альтернатива иретинде ишкана ачып көрсөтүү 13C(a) - (c)-пункту менен талап кылынган сапаттык маалыматтарды финансылык инструменттердин типтери боюнча, ал эми ачып көрсөтүү 13C(a) - (e)-пункту менен талап кылынган сапаттык маалыматтарды контрагенттер боюнча бириктириши мүмкүн. Эгерде ишкана контрагенттер боюнча талап кылынган маалыматтарды берсе, ал контрагенттердин аталыштарын көрсөтүүгө тийиш эмес. Бирок салыштырмалуулукту камсыз кылуу үчүн контрагенттердин классификациясы отчеттуулукта көрсөтүлгөн мезгилдердин алкагында мезгилден мезгилге чейин ырааттуу болуп кала берүүгө тийиш. Ошону менен бирге, контрагенттердин типтери тууралуу кошумча маалымат берүү үчүн сапаттык мүнөздөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн максатка ылайыктуулугун кароо керек. Эгерде 13C(c) - (e)-пунктундагы суммалар тууралуу маалымат контрагенттер боюнча ачып көрсөтүлсө, контрагенттер боюнча жалпы суммаларга карата өз-өзүнчө алганда олуттуу болгон суммалар өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш, ал эми контрагенттер боюнча калган суммалар, өз-өзүнчө алганда олуттуу болбогон суммалар бир беренеге агрегацияланууга тийиш.

**Башка маалыматтарды ачып көрсөтүү**

B53 13C - 13E-пункттарында камтылган маалыматтарды ачып көрсөтүүгө карата талаптар минималдуу талаптар болуп эсептелет. 13B-пунктунда айтылган максаттарга жетүү үчүн ишканага балким, өз ара чегерүү тууралуу башкы макулдашуулардын жана ушул өңдүү макулдашуулардын укуктук коргоо менен камсыздалган шарттарына жараша, чегерүүгө укуктун мүнөзүн жана алардын ишкананын финансылык абалына мүмкүн болгон таасирин кошуп, көрсөтүлгөн маалыматтарды кошумча (сапаттык) маалыматтар менен коштоого туура келиши мүмкүн.